9 Сотканын жарыгы менен операция кылдык



16 Режиссура үчүн «Оскар» алган аял



САРЕСЕП
24-март, 2016-жыл
№11 (44)
saresep.kg
Калыс көз караш!



# Мамлекеттик карыз: жакшыбы же жаманбы?

4-бетте



"Жок мыйзам" жокко чыгарылды

5-бетте



Бузган да күнөлүү, бузбаган да күнөлүү

6-бетте



Орусия – Сирия: миссиябы же авантюрабы?

10-бетте



# Үңкүр-Тоодогу станция көчүрүлбөйт



Үңкүр-Тоодогу радиорелейлик станция башка жерге жылдырылбайт. Бул тууралуу премьер-министр Темир Сариевдин маалымат катчысы Бакыт Асанов билдирди.

Анын айтымында, бул аймактагы чек ара тилкеси боюнча маселе Кыргызстан менен Өзбекстандын чек араны тактоочу өкмөттүк делегацияларынын ишинин алкагында чечилет.

Асановдун белгилешинче, учурда кыргыз өкмөтү Жалал-Абаддын Ала-Бука, Аксы жана Чаткал райондорунун маалыматтык коопсуздугун күчөтүү максатында Үңкүр-Тоодогу "Кербен" радиорелейлик мунарасы менен байланышта иштей турган жаңы станцияны куруу боюнча маселени караштырып жатат.

Буга чейин Кербен шаардык кеңешинин депутаттары өкмөт аталган станцияны башка жерге көчүрүүнү сунуштап жатканын айтышкан болчу.

# Бельгия терактан кийин аза күтүүдө

Брюсселде 31 кишинин өмүрүн алып, 270тен ашуун кишини жарадар кылган жардыруулардан кийин өлкө үч күндүк аза күтүүдө.

Завентем аба майданында 22-мартта жасалган кош жардыруунун жоопкерчилигин Ислам мамлекети аталган террордук уюм өзүнө алды.

23-мартта Бельгиянын маалымат каражаттары жардыруу жасаган жанкечтилердин ысымдарын атады. Алар - ага-инилер Халид жана Брахим ел-Бакрауи болуп чыкты. Алар менен кошо жүргөн үчүнчү адам изделүүдө. Анын ысмы Нажим Лачрауи экени айтылууда.

Ага-инилердин бирөөсү жасалма ысым менен Брюсселде үй жалдап алганы кабарланууда. Ал райондо өткөн жумада полиция операция өткөрүп, куралдуу адамды жок кылган болчу. Операция учурунда полиция Салах Абдесламдын манжаларынын изин таап, андан кийин өзүн кармаган. Анын Париждеги теракттарга тиешеси бар деп издөөгө алынган.



# Мугалим бачабаздыкка шектелүүдө

Бишкекте мугалим бачабаздыкка шектелип кармалды. Шаардагы "Жаш техниктердин станциясы" деп аталган окуу борбордун мугалиминин кармалышына ийримге катышып жүргөн эки окуучунун ата-энесинин милицияга жазган арызы негиз болгон. Бул тууралуу Бишкек шаардык ички иштер башкармалыгынын маалымат кызматы кабарлады.

Радиотехника ийиминде билим алып жаткан 10 жаштагы окуучу кыздын ата-энеси 17-мартта милицияга арыз менен кайрылган. Анда алардын кызын ушул эле ийримдин Виталий С. аттуу мугалими класска камап алып, дене-башын кармалап, ыплас иштерге барганы айтылган.

Мындан көп узабай ушул эле окуу борбордо билим алган, 10 жаштагы башка окуучунун ата-энеси да алардын кызын ошол мугалим бөлмөнүн эшигин бекитип алып, зордуктоого аракет кылганын айтып арызданган.

44 жаштагы мугалим убактылуу кармоочу жайга киргизилди. Учурда тергөө жүрүп жатат.

Окуя боюнча азырынча кылмыш иши козголо элек. Айыпталуучу бул жерге ишке киргенине бир жылдай болгон. Ал Өзбекстандан көчүп келгени аныкталды.

Бишкек шаардык мэриясына караштуу Билим берүү башкармалыгы мугалим психикалык жана наркологиялык диспансерден алган аныктамаларынын негизинде ишке алынганын билдирди.



# Президент кыргыз-орус фондунун ишин талкуулады



Президент Алмазбек Атамбаев кечээ Кыргыз-орус өнүктүрүү фондунун төрагасы Кубанычбек Кулматовду кабыл алып, аталган уюмдун ишин талкуулады.

Мамлекет башчынын маалымат кызматынан кабарлашкандай, Алмазбек Атамбаев жакынкы айларда чакан жана орто бизнести өнүктүрүү жана айыл-чарбасын каржылоо үчүн 10 млрд. сомдон кем эмес каражат Кыргызстандын банктары аркылуу жеңилдетилген насыя түрүндө бөлүнүшү керектигин айтты.

Кыргыз-орус өнүктүрүү фонду Кыргызстандын Евразия экономикалык биримдигине кирген алгачкы жылдары колдоо көрсөтүү максатында түзүлгөн. Ага Орусия каражат бөлүүдө.

Бүгүнкү күнгө карата фонддун эсебинен Кыргызстандын жеке жана орто бизнесине 5 жылдык мөөнөткө 12% менен 70 миллион сомдон ашуун насыя берилди.

ЕАЭБге Кыргызстан былтыр жайында кирди. Учурда жергиликтүү ишкерлер жаңы базардын ачылышына, атаандаштыкка туруштук бере албай, чыгымга учурап жатканын айтууда.



# Статс-катчы пара алып жатып кармалды

Мамкаттоо кызматынын статс-катчысы Нурлан Шерипов 100 миң сом пара алып жаткан жеринен кармалганын УКМКнын Коррупцияга каршы кызматы кабарлоодо. Маалыматка караганда, 12-мартта бир жарандан Шериповго карата арыз түшкөн. Анда статс-катчы жалпы баасы 7 миң долларлык эки унаасын, паспортун тартып алып, 550 миң сом пара талап кылып жатканы жазылган.

Окуя боюнча Шериповго жана мекеменин дагы бир кызматкерине карата кылмыш иш козголуп, экөө тең Бишкек милициясынын убактылуучу кармоочу жайына камалды.

Кылмышка шектүү Нурлан Шерипов Мамкаттоо кызматынын статс-катчылыгына былтыр июль айында дайындалган. Ал мекемеде кадрдык, каржылык жана уюштуруу маселелерин тейлечу.



# Дайвингден баш тартышты

Кыргызстандын Каржы министрлиги өз кызматкерлерине дайвинг үчүн шарт түзүп берүү планынан баш тартты.

Министр Адылбек Касымалиев бул тууралуу кабары жок экенин жалпы жыйында айтып, дайвинг кызматына тендер жарыялаган кызматкерлерине катуу сөгүш жарыялады.

Буга чейин Каржы министрлиги 15 кызматкерине 1 жылга дайвинг үчүн "бассейндин узундугу 25 метрден, тереңдиги 5 метрден кем болбошу керек" деген талап койгон. Буга 230 миң сом коротууга даяр экени билдирген.

Дайвинг – сууда сүзүп, тереңдикке түшүү.

Гезит ээси - ЖЧК "Горизонт Медиа"
Юстиция министрлигиндеги катталуу номери - 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Насыпбек Асанбаев, Эдил Айдаров, Эсен Өмүракунов

**Жоопту редактор:** Насыпбек Асанбаев
**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Акылай Туткучева, Рахат Акматова

**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com
**Медиа жана жарнама:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 45 48 68, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 45-48-68, (0555) 20-45-71
**WWW.SARESEP.KG**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы: 1900**
**Буйрутма № 671**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.

# Суу сактагычтар кайра берилбейт

**Чала-Сарт жер тилкесине аскерин киргизип, жол тосуу аракетинин негизги себебин расмий Ташкент азырынча түшүндүрө элек. Кыргыз тарап болсо алардын жосунсуз ишин Кыргызстанга таандык экенине карабай, өзбектер колдонуп келген Орто-Токой суу сактагычын жана ушуга окшогон каналдарды биротоло өзүнө алып койгонуна байланыштуу өзбек мамлекетинин чычалоосу деп болжолдоодо. Ушундан улам** Улуттук коопсуздук комитетинин төрагасынын мурдагы орун басары Артур Медетбековго **кайрылып, "Кыргыз бийлиги жалпы коопсуздук жана тынчтык үчүн суу сактагычтарды өзбек тарапка өткөрүп берип коюшу мүмкүнбү?" деген суроо менен кайрылдык**



– Кыргызстан – Өзбекстан, Кыргызстан – Тажикстандын ортосунда талаш аймактар 300 км ден ашык. Эми 2000-жылдан бери ошол аймактарды тактоо үчүн эки мамлекеттин ортосунда комиссиялар иштеп келатат. Бирок тилекке каршы, алар дагы эле бир жыйынтыкка келе элек. Ошондой эле өзбек туугандар "суу сактагычтарды алып алдыңар, өзгөчө жерлерди өткөрүп алдыңар" деген шылтоолорун 2015-жылы өкмөттүн токтому чыкканда эле айтып чыгышса болмок. Андан бери жарым жыл өттү. Өзбек бийлигинин "Ноорузду алдында экстремисттик маанайдагы террористер кирип кетпесин, тынчтык болсун" деген себептер менен чек араны басып киргени ачык эле алдагандык жана аша чапкандык. Эгер ошончолук өзүнүн коопсуздугуна бушайман болуп атса, аны биздин чек аранын ары жагынан эле сакташмак. Дагы бир айта кетчү нерсе, учурда коңшу мамлекет өзүн Борбордук Азияда формалдуу эмес лидер катары көрүп, күч көрсөткөнү сезилип жатат. Бирок азыркы чырды эки мамлекет саясий дипломатиялык жол менен чечиши керек. Ачыгын айтсак, акыркы 3 жылда эки бир тууган мамлекеттин, өзгөчө жетекчилердин ортосунда суук мамиле болууда. Дал ошол суук мамиле чек арага, эки мамлекеттин катташуусуна терс таасирин тийгизип койду. Ал эми "Суу сактагычтарды, каналдарды кайра берип коёбу?" деген сөздөрдөн, күмөндөрдөн алыс болушубуз керек. Анткени өкмөттүн токтомуна ылайык, Кыргызстанга тиешелүү жер тилкелерди, жайыттарды, суу каналдарды берүүгө өкмөт дагы президент дагы кол коё албайт. Бул мамлекеттик деңгээлде Жогорку Кеңеш чече турган маселе.

# Нооруздa жол тоскон мамлекет

**Расмий Ташкент жаркыраган жаз жана жандануу майрамын коңшу мамлекеттин бир километр жерин тосуп майрамдады. Туңгуюкка кептелип калган саясатынан улам пайда болгон ич күптүсүн бизден чыгаргысы келип жаткансыйт. Өкүнүчтүүсү, анын алжыган диктаторлук аракеттерин колдобосо да, ошонун эсебинен упай топтогусу келгендер бизде да бар. Ушундан улам «Чек арада утуру чыгып жаткан маселер кандай чечилиши керек?» деген суроо менен** «Саресеп» гезитинин башкы редактору Эсен Өмүракуновго **кайрылдык**



– Менимче, бул көйгөйдү чечүүдө регионалдык жана борбордук бийлик өз жонуна артынчу милдеттер бар. Эки тарап тең Кыргызстандын суверендүүлүгүн бекемдөө, ошол эле убакта эгемендүүлүгүбүзгө келчү коркунучтарды чек арабыздан алыстатуу ниетинде иш алып баруулары керек.

Билишимче, Өзбекстан чегине чукул жайгашкан суу сактагычтарга өзбектер катерлери менен сүзүп кирип ээлик кылышат экен. Муну жергиликтүү бийлик чече албаса да, маселени медиага алып чыгып, коомдук пикир жарата алмак. Айтайын дегеним, чек араларыбыздагы маселелерге карапайым элди салып бербей, ошол эле убакта борбордук бийликти ыңгайсыз абалда калтырбай, өзбектердин жергиликтүү бийлиги менен ысык мамиледе болуу керек.

Расмий Бишкек болсо евразиялык интеграция багытында аракеттерин ар тараптуу активдештирүүсү зарыл. Ар тараптуу дегеним, Казакстандын лидери Нурсултан Назарбаев өткөн кылымдын 90-жылдарынын башында көтөрүп чыгып, Орусия бийлиги жакындан бери ыкчамдаткан Евразия биримдигин колдогон коңшу мамлекеттердин ар кандай топтору менен иш алып баруусу керек. Албетте муну Кыргызстандын расмий бийлиги эмес, бейрасмий уюмдар аркылуу ишке ашыруу максатка ылайык. Ислам Каримов, Эмомали Рахмон жана Гурбангулы Бердимухаммедов совет доорунун жасалма интернационалдуу, бирок чынында шовинисттик психологиясына сугарылган эски муундун өкүлдөрү. Кыргыз бийлиги бул өлкөлөрдүн казак лидеринин интеграциялык идеясынын тегерегинде бириге алган саясий топторун колдоп, коңшу мамлекеттерде жаңы, толеранттуу жана диалого ачык саясий элитанын келишине шарт түзгөнгө аракет кылуусу зарыл.

# Күнүнө 10 миң сомго чейин пара алат

**Экономикалык кылмыштар менен күрөшүү боюнча Мамлекеттик кызматтын (ЭККМК) берген маалыматына ылайык жол кайгуул кызматкери күнүнө орто эсеп менен айдоочулардан 5-10 миң сомдун тегерегинде расмий эмес акча алат. Ушундан улам айдоочулар төлөгөн айыппул түз бюджетке түшүүсү үчүн "Бир Дүйнө Кыргызстан" адам укуктарын коргоо кыймылы ИИМ менен биргеликте жаңы долбоорду ишке ашырганы турат. Долбоорго ылайык эреже бузган айдоочу айыппулду терминалга төлөшү керек. Аталган кыймылдын өкүлү** Болот Исмаилов **терминалга түшкөн каражат кары-картаңдардын жөлөк пулун, мугалимдердин айлыгын көбөйтүүгө жумшаларын айтат.**



– Атайын изилдөөлөр боюнча, өлкөдө коррупциялык кылмыштын 93 пайызы жол кайгуул кызматына тиешелүү экен. Коомчулукта "ушул МАИчилерди эле байытып атабыз, камырабай жүрүп алып, кабат-кабат үйлөрдү тургузуп атышат " деген наразычылык көп. Ошон үчүн акчаны МАИчилердин колуна бербей, төлөө терминалдары аркылуу банкка төлөсө алардын капчыгына эмес, мамлекеттик бюджетке түшөт. Биз үч банк менен келишим түздүк ("Демир Кыргыз Интернешнл", "Оптима" жана "Кыргызстан" комерциялык банкы). Андан тышкары "Эл сом", "Кыргыз почтасы" жана "Мобильник" терминалы аркылуу дагы төлөсө болот. Түшкөн акча мугалимдердин айлыгын, пенсионерлердин жөлөк пулун көбөйтүүгө жана жолдорго жаңы жол белгилерин орнотууга жумшалат. Муну биринчи айдоочу өзү түшүнүшү керек. 100-200 сомдон качпай, эринбей барып терминалга төлөсө экономикага салым кошот. Ар бир айдоочуга жетсин деп атайын китепчелерди чыгардык. Анда айдоочунун укугу, ЖККнын милдети, кайда кантип төлөө керектиги кеңири жазылган.

# Каримовго кайрылдык

**Аксыда өзбек тараптын ары кооптуу, ары табышмактуу кыял жоругу болуп жатканы аз келгенсип, жакында эле уюша калган Улуттук оппозиция кыймылы (УОК) түштүк элин дүрбөлөңгө салып, митинг уюштуруп жүрөт. Ушундан улам биз УОКтун уюштуруучуларынын бири Азимбек Бекназаровго кайрылып, алардын да оюн угуп коюуну туура көрдүк. Натыйжада, Азыр жалпы элди кооптондуруп турган кыргыз-өзбек мамилесин чечүүдө силер кандай аракет кылдыңар? деген суроообузга** Азимбек Бекназаровго **төмөнкүдөй жооп кайтарды:**



– Биз бүгүнкү жыйында Орусиянын президенти Владимир Владимирович Путинди конфликтти чечүүгө ортомчулук кылып берсин деп өтүндүк. Анткени ошол киши кийлигишсе гана маселе чечилет. Биздин орус эли менен тарыхыбыз бир. Үмүтүбүз Путинде. Экинчиден өзбек президенти Ислам Каримовго да кайрылдык. "Алмазбек Атамбаев менен жеке мамилесин жалпы элге колдонбой, бийигирээк болуп "аскериңизди" алып чыгып кетсеңиз. Анткени кыргыз-өзбек эли дагы түбөлүк жашайбыз. Коңшу болуп келгенбиз, мындан ары да ынтымакта жашай беребиз. Ушуну эске алсаңыз" деп кайрылуу жасадык. Чынында, бул жер кылымдардан бери кыргыздын жери болуп келген. Кокон хандыгынан бери кыргыздын жери. Падышалык Орусиянын убагында да кыргыздын жери болуп келген. Кара-кыргыз автономиялуу облусу болгон кезде да кыргыздыкы болгон. Өзбекстан Кыргызстандын эгемендүүлүгүн тааныган келишимдерде да бул кыргыздардын жери болгон. Эч качан бул жер Өзбекстандын жери болгон эмес деп далил келтирип, баса белгиледик. Бул маселени чечүү үчүн эл аралык уюмдарга кайрылдык. Эки элдин ортосундагы жаңжалды ырбатпай, тынчтык жолу менен, сүйлөшүү жолу менен чечкенге салым кошуңуз деп генералдык уюмдарга да кайрылдык. Анткени биз билебиз. Алты жылдан бери биздин президентибиз туштук чек ара маселесинде кылдай иш кылган жок. Каримов менен, Рахманов менен сүйлөшүү иштерин жүргүзгөн жок. 6 жылдын ичинде канча жолу конфликт болду. Азыр да сүйлөшө албайт. Ошол себептен биз ушул эки лидерге кайрылдык", – деди Азимбек Бекназаров.

# Мамлекеттик карыз: жакшыбы же жаманбы?

Сырткы карыздын кесепетинен оорлошкон көйгөйлөрдөн чыга албай калуу коркунучу барган сайын артууда. Кыргыз өкмөтүнө мамлекеттик карыздын чегин жогорулатуудан башка чара калбагандай

### Өкмөт шайлоо маалында карызга batat

Мамлекеттик карыз – өлкөнүн учурдагы жана тарыхы боюнча топтолуп калган бюджеттик таңкыстыкты камсыздоо үчүн башка тараптан алынган каржы-кредиттик каражаттардан куралат. Башкача айтканда, буга чейинки таңкыстык менен азыркы чыгымдарды кошуп, андан бюджетке түшкөн ашыкча каражаттарды алып салгандан кийинки сумма мамлекеттик карыз болуп эсептелет. Мамлекеттик карыздын ички жана сырткы деген эки түрү бар. Өлкө карызынын көлөмү улуттук валюта же анын ордуна колдонулуп келген башка валюта менен өлчөнөт. Карыздын көлөмүн аныктоо үчүн адатта аны Ички дүң өндүрүмгө (ИДӨ) салыштырмалуу пайыз менен салыштырышат.

Классикалык экономикалык теорияда мамлекеттик карыздын пайда болуусунун шарттары катары бюджеттин таңкыстыгына алып келген төмөнкү себептер айтылып келет:

1. Согуш жана башка коомдук кагылышуулардын учурунда мамлекеттик чыгымдардын көбөйүп кетиши;
2. Экономиканын бир учурда төмөндөп кеткени;
3. Экономиканы жандандыруу үчүн салыктардын кыскартылуусу;
4. Акыркы жылдары саясий бизнес-циклинин таасиринин артуусу. Кененирээк айтканда, кезектеги шайлоого байланыштуу пенсия менен жөлөк пулду көбөйтүүдөн улам мамлекеттик чыгымдардын көбөйүүсү жана ошол эле учурда салыктардын азаюусу;
5. Жогорудагы пункттагы себептерден улам бюджеттик-салыктык тармактагы чыңалуунун узун мөөнөткө созулуп кетүүсү.

### Карыздын тымызын коркунучу

Мамлекет да үй-бүлө сыяктуу карыздарын барган сайын арттырып, дайыма насыяга жашай албайт. Анткени карыз белгилүү бир көлөмдү ашкандан кийин инвесторлор менен кредиторлор мамлекеттин карызын төлөй алуусунан күмөн санай баштайт. Өтө чоң тышкы карыздын коркунучу өкмөттүн банкрот болуп калганына, б.а. мамлекеттин дефолт болуусуна байланыштуу эмес. Мындай нерсе аз кездешет. Анткени өкмөт адатта карызын төлөбөй эле аны кайра каржылоо ыкмасы менен узарта берет. Ал түрдүү мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгарып, эски карыздарды төлөш үчүн жаңы карыз алып отуруп «каржы пирамидасы» сыяктуу нерселерди куруп кете берет. Мындан сырткары, өкмөт өз чыгымдарын жабуу үчүн салыктарды көбөйтүп, же каржы базарына жүгүртүүгө жаңы акчаларды киргизип жибере алат.

Мамлекеттик карыздын көбөйүүсүнүн олуттуу коркунучу менен кесепети башкада. Алар төмөнкүлөр:

- Карыздын өзүн жана анын пайыздары менен чыгымдарын төлөө үчүн экономиканын өндүрүш тармагынан каражат бөлүнгөндүктөн экономиканын жалпы эффективдүүлүгү төмөндөйт;
- Жеке менчик тармактын кирешеси мамлекеттик тармактарга оой баштайт;
- Бай жана кедей тайпалардын ортосундагы киреше айырмачылыгы көбөйөт;
- Карызды каржылоо үчүн түрдүү баалуу кагаздар чыгара бергендиктен инвестициялар кыска мөөнөткө сүрүлүп чыгарылат. Бул өз учурунда узун мөөнөткө капитал корунун азаюусунан улам өлкөнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн төмөндөөсүнө түрткү болот;
- Карыздын пайызын төлөө зарылчылыгы салыктардын жогорулоосуна түрткү бериши мүмкүн. Бул болсо экономикалык стимулдарга балта чабат;
- Бир нече убакыттан кийин жогорку деңгээлдеги инфляцияга себеп болот;
- Карыз кийинки муундарга калтырылып, алардын бакубаттуулугун төмөндөтөт;
- Карыздын жана анын пайыздарын төлөө менен ИДӨнүн мерчемдүү бөлүгү чет өлкөлүктөрдүн колуна өтөт.

### Карыз жакшы дегендер да бар

Бирок карыздын экономикага тийгизген таасири боюнча бири-бирине карама-каршы эки теория бар. Белгилүү англис экономисти Давид Рикардо карызды «адам баласы ойлоп тапкан эң коркунучтуу апаат» десе, кейсиандык теориясын жактагандар «чоң өлчөмдөгү карыз экономиканын өнүгүүсүнө түрткү болот» дешет.

Мисалы дүйнөдөгү эң ири насыя берүүчү Америка Кошмо Штаттарынын мамлекеттик карызы 2011-жылы ИДӨсүнүн 100%ына жакындап, аз жерден дефолт болуп кала жаздаган.

Таблицада көрсөтүлгөндөй ИДӨсүнө карата сырткы карызы 100%дан ашып кеткен бир топ мамлекеттер бар. Бирок өлкөнүн сырткы карызы эсептелип жатканда адатта, бул мамлекеттин башка өлкөлөрдөн аласасы каралбайт. Анткени менен бул маселенин да Кыргызстанга анча тиешеси жок.

### Кыргыз өкмөтүнүн болжолдуу кадамы

Албетте Кыргызстандын карызы ИДӨнүн 60%ына жакындап калганы мамлекетке жакшылык алып келбейт. Кыргызстан сырткы карызынан улам жогоруда тизмектелген көйгөйлөргө кептелип калуу коркунучу барган сайын артып баруууда. Бул жерде кыргыз өкмөтүнүн алгачкы кадамы – мамлекеттик карыздын чегин жогорулатуу болгондой. Мындай ыкманы дефолттон качуу үчүн 2011-жылы АКШ колдонгон. Анда Вашингтон карыз алуу лимитин 16,4 трлн долларга жогорулатып, 14,3 трлн долларлык мамлекеттик карызынан жогору чыгарып салган.

Каржы эксперти
МУРАТ КОЙЛУБАЕВ



| № | Өлкө | Тышкы карыз (млн. $) | Маалыматтын датасы | ИДӨсүнө карата тышкы карыз (%) |
|---|---|---|---|---|
| | Дүйнө | 70 600 000 ашык | 2012 | 98% |
| 1 | АКШ | 13 368 482 | 31 декабрь 2015 | 98% |
| 2 | Евро Биримдик | 17 950 000 | 31 декабрь 2012 | 101% |
| 3 | Улуу Британия | 9 959 965 | 30 сентябрь 2013 | 396% |
| 4 | Германия | 5 717 000 | 31 декабрь 2012 | 159% |
| 5 | Франция | 5 371 000 | 31 декабрь 2012 | 236% |
| 6 | Жапония | 3 017 000 | 31 декабрь 2012 | 64% |
| 7 | Нидерланддар | 2 935 000 | 31 декабрь 2012 | 70% |
| 8 | Италия | 2 604 000 | 31 декабрь 2012 | 144% |
| 9 | Люксембург | 2 504 000 | 31 декабрь 2012 | 36 000% |
| 10 | Испания | 2 164 000 | 31 декабрь 2012 | 137% |
| 11 | Швейцария | 1 544 000 | 31 декабрь 2012 | 417% |
| 12 | Австралия | 1 480 000 | 31 декабрь 2014 | 151% |
| 13 | Бельгия | 1 424 000 | 31 декабрь 2012 | 338% |
| 14 | Канада | 1 331 000 | 31 декабрь 2012 | 88% |
| 15 | Сингапур | 1 174 000 | 31 декабрь 2012 | 346% |
| 16 | Гонконг | 1 109 000 | 31 декабрь 2013 | 290% |
| 17 | Швеция | 1 039 000 | 31 декабрь 2012 | 188% |
| 18 | Австрия | 812 000 | 31 декабрь 2012 | 194% |
| 19 | Кытай | 784 800 | 31 декабрь 2013 | 9% |
| 20 | Норвегия | 689 900 | 31 декабрь 2013 | 201% |
| 21 | Финляндия | 586 900 | 31 декабрь 2012 | 266% |
| 22 | Дания | 586 700 | 31 декабрь 2012 | 244% |
| 23 | Греция | 568 700 | 31 декабрь 2012 | 234% |
| 24 | Россия | 515 254 | 1 январь 2016 | 25% |
| 25 | Португалия | 508 300 | 31 декабрь 2012 | 232% |
| 26 | Бразилия | 475 900 | 31 декабрь 2013 | 22% |
| 27 | Түштүк Корея | 430 900 | 31 декабрь 2013 | 36% |

# “Жок мыйзам” жокко чыгарылды

Парламенттин жыйынында депутаттар “Калкка онкологиялык жардам көрсөтүү” мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүүнү колдошту. Кабыл алынган мыйзамга ылайык буга чейин онкологиялык оорулуулар медициналык жардамды бекер алып келген болсо, мындан ары акы төлөп дарылануулары керек

Бирок айрым рак илдетине чалдыккандар бекер медициналык жардам бар экенин бүгүн араң угуп, таңыркап турат. Чынында, алардын таң калганына да негиз бар. Анткени Улуттук онкологиялык борбордун босогосунан киргенден тарта, каалгасынан чыкканга чейин ар бир кадам акчага байланып турганы эч кимге жашыруун деле эмес.

Бекер делгени менен өлкөдө эң эле аз камсыздалган тармак онкологиялык борбор. Орточо эсеп менен бир оорулуунун дары-дармегине (химиялык терапияны кошпогондо) 22500 сом керектелет. Мамлекеттик бюджеттен болсо ар бирине 2475 сом бөлүнөт. Бул каражат араңдан зорго 11 пайызын гана жабат. Ал эми мыйзам менен аныкталган жеңилдиктин баасы 3,3 млрд. сом болсо, реалдуу түрдө онкологиялык кызматтар 440 млн сом менен гана чектелет.

## Бейтаптар берген миллиондогон сомдор кайда?

**“Жардам берүү оңой” коомдук фонддунун аткаруучу директору Дина Аляева** бекер мед жардамдын жоюлушун туура деп эсептейт. Анткени мамлекеттен болор-болбос акча бөлүнөт. Анын үстүнө бөлүнгөн акча оорулууларга жеткенче, орто жолдон кемип жүрүп отурат. Ал эми бейтаптар төлөгөн акча Онкологиялык борбордун капчыгына түшпөй кимдир бирөөнүн чөнтөгүнө түшөт.



– Оорулуу борборго “менин акысыз дарыланууга мыйзамдуу түрдө укугум бар. Мени бекер дарылагыла” деп кайрылат. Дарыгер болсо бекер дары-дармек жок экенин, мамлекеттен бөлүнбөгөнүн айтат. Сырттан караганда акараат угулганы менен, чындыгында, эчак эле аткарылчу нерсе орундалды десем болчудай. Мамлекет “онкологиялык оорулууларга бекер жардам көрсөтүлөт” деп жалган, жыйынтыгы жок мыйзамды жамынып келген. Акыры баары ачыкка чыкты. Жок мыйзамды жокко чыгаруу менимче акылга сыярлык нерсе. Улуттук онкологиялык борбордо жөнөкөй, арзан жабдыктар дагы жок дешет. А бейтаптардын жакындары берген 1000деген доллардар кайда кетип атат? Ал акчанын баары кимдир-бирөөнүн сол чөнтөгүнө кетип атат. Пайдасыз мыйзамдын айынан УОБдун жеке чөнтөгүнө акча түшпөй келет. Себеби акча кассага төлөнбөй, ар кимдин колуна берилет.

## Оорулуулардын 58 пайызы каза табат

Такталган маалыматтарга караганда Кыргызстанда жылына 5500 адам рак илдетине чалдыгат. Тилекке каршы, алардын ичинен 3200ү же 58 пайызы айыккыс дарттын айынан каза табат. Улуттук онкологиялык борборго өткөн жылы 7500гө жакын онкобейтап кайрылган. Бирок борбор алардын так саны андан бир нече жогору болушун божомолдойт. Себеби, бейтаптардын кай бири медициналык жардамды чет өлкөлөрдөн, же жеке клиникалардан алышса, дагы бири туура эмес коюлган диагноздун айынан рак илдетине чалдыкканынан кабарсыз кете берет. Ушул тапта борбордо 7250 оорулуу даарылануудa.



## Онкологиялык аппараттар 35-40ка чыккан

Борбордогу маанилүү делген аппараттар совет доорунда, 80-жылдары алынып келинген. Ошондон тартып жаңылана элек. Маселен, дабаны аныктоочу же нурлануу терапиясы үчүн атайы жабдыктардын эскилиги жетип, жараксыз абалда турат. Аны оңдоо иши эле 150 миң долларды чапчыйт. Жаңысын Орусиядан 420 миң долларга сатып алса болот.



**УОБдун радиогинекология бөлүмүнүн башчысы Чынара Батыркaнова** бейтап нурлануу терапиясын албаса, 1-2 жылда каза болуп калышы мүмкүн экенин айтат. Ошондуктан оорулуунун 2 гана жолу бар дейт. Чет өлкөдөн дарылануу, же ага мүмкүнчүлүгү жок болсо, айласыз ажалга баш ийүү.

– Нурлануу терапиясын берүүчү аппарат 1981-жылы келген. Андан бери көп эле жолу оңдолду. Акыркы жолу 2013-жылдын апрелинде бузулуп, ошондон тарта оңоло элек. Азыр дагы оңдосо болот. Ал үчүн радиоактивдүү колбаларын жана көптөгөн майда бөлүкчөлөрүн алмаштыруу керек. Андан көрө жаңысын алган оң. Анткени аны ишке киргизүүнүн өзү эле 150 миң доллар турат. Мунун кесепетинен биз көптөгөн оорулууларды чет өлкөлөргө жөнөтүп жатабыз. Антпесе, бейтаптын шишиги өтүшүп, дарылоого кеч болуп калышы мүмкүн.

## Рактын жеңил түрүнө 1500 доллар кетет

Кыргызстанда рактын үч түрү кеңири кездешет. Алар ашказан рагы, эмчек жана жатын моюнчасынын рагы. Нургүлдүн апасы эмчек рагына кабылган. Ал апасын жоготконуна аз гана убакыт болуптур. Алар улуттук онкологиялык борбордо 7 ай жатып дарыланышкан. Апасынын иммунитети бир аз алсыз болгондуктан, бул ооруну жеңе алган эмес. Нургүлдүн айтымында эмчек рагын айыктырууга чет өлкөдө бир нече жолдор бар. Бирок, Кыргызстанда бир эле түрү колдонулат. Ал рак клеткалары кездешкен эмчекти толугу менен алып салуу.

– Онкобейтаптар бекер дарыланганын көрө да, уга да элекмин. Консультацияны бекер кылып коюп дарылоону бекер дегендери оорулууларды шылдыңдап жатканындай сезилет. Апамды айыккыс дарттын айынан жоготконубузга аз гана убакыт болду. Биз оору менен узак убакыт күрөштүк. Үмүттөндүк бирок, баары бир ажал алып кетти. Дары-дармектерди айтпаганда, химиялык терапиянын курсу 1000 доллар турат. Терапия алганда кыйналат, бүт денени адам чыдай алгыстай оорутат. Анан ооруну басаңдатуучу күчтүү препарат керек болот. Анын баасы бери жагы эле 1500-2000 сом турат. Аны күнүнө эмес, 4 саат сайын сайып туруш керек. Организм ордуна келиш үчүн капельница алып, витаминдерди айлап-жылдап ичиш керек. Болжол менен эмчек рагына кабылган бейтаптын толук дарылануусуна 1000-1500 доллар кетет. Анан жакшы карасын деп врачтардын дагы чөнтөгүнө акча салып турбасаң болбойт.

Чет мамлекеттерде залалдуу шишиктен арылуунун пайызы чоң. Анткени биринчиден, мамлекет оорулууларга көбүрөөк акча бөлсө, экинчиден адамдар ден-соолугун алдын-ала камсыздандырып коюшат. Маселен, Казакстанда бир оорулууга 10 миң доллар, Орусия 15 миң доллар мамлекеттик бюджеттен бөлсө, Европа өлкөлөрүндө мамлекеттен бөлүнгөн жана камсыздандыруучу компаниялар көрсөткөн каражат дарттан толугу менен айыгып чыгууга жетет.

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА



## 38 млн. сомго дартты аныктоочу аппарат алынат

Борбордун дагы бир негизги аппараты ушундай эле кейипти кийип отурат. 1984-жылы чыккан “АГАТ-С” статикалык нурлантуу гамма-аппаратынын мөөнөтү эчак бүткөн. Бирок ал бүгүнкү күнгө чейин эптеп ишин улантууда. Аппаратты оңдоо 70-80 миң доллар болсо, жаңысына алмаштыруу 300 миң АКШ долларына айланат. 2016-жылдын бюджети бекип калганына байланыштуу быйыл бул көйгөйлөрдүн чечилүүсү күтүлбөйт. Деген менен Жогорку Кеңештин депутаты Рыскелди Момбеков дартты аныктоочу аппаратка тендер жарыяланганын, жакында УОБ жаңы жабдыкка ээ болорун айтты.

– Ушул мыйзамды карап жатканда саламаттыкты сактоо министрлиги келип нурлануу терапиясы үчүн аппарат жок экенин айтты. Бюджет бекилип атканда унчукпай отуруп эми келип айтканы эмнеси? Чынында эле борбордо бир канча аппарат жараксыз экен. Жадакалса, дартты аныктоочу жабдык да жок экен. Ошондуктан онко оорулуулар чет өлкөдөн барып дабасын аныктап келишет. Ушундан кийин тез арада 32 млн. сом өкмөттөн каралып, каржы министрлигине тапшырылган. Мунун негизинде Москвадан “Аква” деген аппарат сатылып алынышы керек. Учурда тендер жарыяланып, орус компаниясы утту деген маалымат бар. Жакын арада аппарат алынып келип, УОБго өткөрүлүп берилиши керек.

# Бузган да күнөлүү, бузбаган да күнөлүү

Жакында эле ИИМ жол тартибин көзөмөлдөө максатында Сокулукка видеокамераларды орнотту. Бирок айтылуу видеокөзөмөл ишке кирбей жатып, коомчулукта, өзгөчө айдоочулар арасында бир топ суроолорду жаратты



Сокулукка коюлган видеокамералар жол эрежесин бузган авто унааларды тартып калып, айыппулдун суммасы почта кызматы аркылуу айдоочулардын үйүнө жиберилүүдө. Эгер айыппул 30 күндүн ичинде төлөнбөсө, туум кошулуп, айдоочу издөөгө алынат. Бирок документ боюнча автоунаанын ээси жана колдонуп жүргөн адам башка болушу мүмкүн. Бул учурда жол эрежесин бузбаган адам айыппул төлөп калууда.

Себеби, учурда өлкөбүздө канча унаа болсо, ошонун дээрлик жарымы, же андан да көбү унаа катталган кишинин колунда эмес. Эл ичинде унааны жөн гана ишеним кат менен сатуу илгертен бери көндүм адатка айланган. Натыйжада бир эле машина колдон-колго өтүп жүрүп отуруп, аягында чыныгы ээси ким экени, ал киши бар экени, жок экени, тирүү экени, өлүү экени белгисиз учурлар да көп кездешет.

## Айдоочу башка болсо да, унаа ээси айыптуу

**Жол кайгуул кызматынын административдик практика боюнча башкы инспектору Талантбек Сыдыков** унаанын ээси башка, жол эрежесин бузган автомашинаны колдонуп жүргөн айдоочу башка болсо, документ боюнча авто машина ээси жоопко тарыларын айтат:

"Видеокөзөмөлдүн иштеп жатканына 24 күн болду. Башында бир суткада 2000ге жакын жол эрежесин бузуу фактылары катталып жаткан. Азыр бул кызмат ишке киргенден бери эреже бузуу 4 эсеге азайды. Эми "мага почта аркылуу билдирүү келди. Мен унаамды сатып жибергем. Аны ким айдап жүргөнүн билбейм" деп чалгандар көп болууда. Бирок Кыргыз Республикасынын административдик жаза кодексинин 553-беренесинде бул суроого жооп так жазылган. Ага ылайык фото жана видео аркылуу тартылып калган жол эрежесин бузуу фактысы боюнча жазалар документ боюнча авто транспорттун ээсине тийиштүү болот. Техникалык паспортто аты жазылган адам айып пул төлөө жообуна тартылат. Биринчиден, айыппул жөнүндө токтомду колуна алгандан кийин 30 күн ичинде төлөбөсө, ар бир күнгө 10 пайыз туум кошулат. Эгер ошондо да айыппул төлөнбөсө иштеген жерине маалымат жиберип, айлык акысынан кармасын дейбиз. Эч эле болбосо сотко кайрылабыз. Мөөнөтү беш жыл деп күтүп жата бербей, атайын чараларды колдонобуз. Биз азыр унааны ким айдап жүргөнүн тактап, телефон дарегин алып автоунаа ээсине берүү жагынан жардам бере алабыз. Ошондо машина ээси унаасын ким айдап жүргөнүн өздөрү табыш керек болуп калат.

Айыппулду убагында төлөбөгөн айдоочу өлкөнүн аймагынан сыртка чыга албайт. Мамлекеттик мекемелерден тактама ала албайт, ошондой эле уюлдук байланышы өчүрүлөт деген маселелерди да талкуулап жатабыз. Бул тууралуу айтуу азырынча эрте", – деди.

## Автоунаалардын теңинен көбүнүн ээси белгисиз

Өлкөбүздө айдалып жүргөн авто унаалардын теңинен көбү ишеним аркылуу колдон-колго өтүп келген. Баштапкы ээси ким экенин же болбосо учурда ким колдонуп жүргөнүн көбү билбейт. Себеби айдоочулардын айтымында машинаны сатып жатканда толугу менен кайрадан каттатуу үчүн бир топ каражат талап кылынат. Ушундан улам эл ичинде көп колдонулган Хонда Одиссей машинасын каттатуу үчүн канча сом төлөө керек экенин жаза кетсек:

**Сатып алуу келишими аркылуу каттоо:**

**1.** Маркасы – Хонда-Одиссей

**2.** Чыккан жылы – 2003-жыл

**3.** Кыймылдаткычтын көлөмү – 2290 куб.см

**4.** Авто унаа тиби – жеңил

**Банктын кассасына акча төлөө:**

**1.** 4-группадагы мүлккө салык (кыймылдуу мүлк)- 2290 куб.см*0,75 сом (5-10 жылга чейин эксплуатация)= 1718 сом. Банктын касса кызматына-30 сом, жалпы 1748 сом

**2.** Тарифтик сетка боюнча авто машинаны кайрадан каттоодо сатылган баанын 1%ы төлөнөт. Ошондо Одиссей 3000 доллар турса, аны сомго айланта келгенде болжол менен 71*3000=213000 сом болуп, 1%ы 2130 сомду түзөт. Банк кызматы – 30 сом, жалпы 2160 сом

**3.** Каттоону жүргүзгөн мекеменин оператор кызматына 75 сом, банк кассасынын кызматына 30 сом, жалпы 105 сом.

**4.** Транспорттук мүлктү каттоонун күбөлүгү – 10 евро (азыркы нарк менен 810 сом), банктын касса кызматы 30 сом, жалпы 840 сом.

**5.** Мамлекеттик номер белгисине – 11,62 евро (941 сом), банктын касса кызматы – 30 сом, каттаган мекемеге 60 сом, жалпы 1031 сом.

**6.** Бардыгы 1748 + 2160 + 105 + 840 + 1031 = 5884 сом

**Чет өлкөдөн келген автомашинаны биринчиирет каттоо:**

**1.** Марка – Хонда-Одиссей

**2.** Чыккан жылы – 2003-жыл

**3.** Кыймылдаткычтын көлөмү – 2290 куб.см

**4.** Авто унаа тиби – жеңил

**Банктын кассасына акча төлөө:**

**1.** 4-группадагы мүлккө салык (кыймылдуу мүлк) – 2290 куб.см*0,75 сом (5-10 жылга чейин эксплуатация) = 1718 сом. Банктын касса кызматына – 30 сом, жалпы 1748 сом.

**2.** 6000 сомдук – тарифтик сеткада авто унааны биринчи ирет каттап жатса 5% төлөнөт. Ошондо тарифтик сеткада автоунааны баалоо 120 000 сомдун 5% 6000 сом болот. Банк касса кызматы 30 сом, жалпы 6030 сом.

**3.** Каттоону жүргүзгөн мекеменин оператор кызматына 75 сом, банк кассасынын кызматы 30 сом, жалпы 105 сом.

**4.** Транспорттук мүлктү каттоонун күбөлүгү – 10 евро (810 сом), банктын касса кызматы 30 сом, жалпы 840 сом.

**5.** Мамлекеттик номер белгисине – 11,62 евро (941 сом), банктын касса кызматы – 30 сом, каттаган мекемеге 60 сом, жалпы 1031 сом.

**6.** Жалпы 1748 + 6030 + 105 + 840 + 1031 = 9675 сом

Демек, Хонда-Одиссей авто унааны сатып алып жатканда толугу менен өзүнө каттатууга 5884 сом кетсе, биринчи ирет машинаны өзүнө каттоого 9675сом керектелет. Баалар машина маркасына жараша өзгөрүлөт.

Жолдогу тартипти сактоо максатында Сокулукка орнотулган видеокамералар жол эрежесин бузган айдоочуларга мисал болду десек болот. Ушундан улам машинаны сатарда, же аларда биротоло өзүнө каттатып алуу оң деген жыйынтык чыгып тургандай.

ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ



## Айыптан мурун шарт түзүлсүн

**Укук коргоочу Рита Карасартовага** кайрылганыбызда ал бул тууралуу төмөнкүдөй жооп кайтарды:

– Сокулукка кеткен жолго камера орнотулганы бир чети жакшы болду. Анткени ушуга чейин кагаз жүзүндө гана жазылып келген нерсе иш жүзүнө ашты. Бул камералар пилоттук негизде орнотулуп, кандай иштээри текшерилип жатканы да көңүл кубантат. Бирок ошол камералар коюлары менен эле "айыппул салалы, антели-минтели" дебей, эмне көйгөйлөр күтүп турарын жол кайгуул кызматкерлери көрүш керек эле. Биринчиден, айыппул кайсы тарапка жиберилиш керек деген суроо такталуусу зарыл. Себеби бизде көбүнчө машина айдагандар документ котормой эле ишенимдер менен жүрөт. Ошондуктан элге алгач кеңири жарыя берип, "Видеокамералар иштеп баштады. Машинаны ишеним кат менен сатпагыла. Кийин сатып алган адам жол эрежесин бузса, айыппул өзүңөргө келет" деп айтылыш керек эле. Экинчиден, машина каттоонун баасын кымбат кылбаш керек. Мисалы, ишенимдин баасы 600-700 сом, кайрадан каттоо 2000 сом болсо жакшы болмок. Ошондо эл 2000 сомду дароо төлөп, үйдөй балээден кутулайын демек. Азыр болсо баары башаламан. Ким ээси экени белгисиз.

Айыппул төлөбөсө башка мамлекетке чыгарбайбыз деген бул чет мамлекеттерде кеңири таркаган практика. 3 ай, же болбосо 90 күн мөөнөт берилет. Ал эми уюлдук аппараттар өчүрүлөт деген бул укуктук иш эмес. Себеби ал мамлекеттик кызмат болуп саналбайт.

Видеокамераларды айыппул салуу үчүн гана орнотпой, "биз кандай кыйынчылыктарга дуушар болобуз", "айып пул кантип төлөнөт", "кимге барат" деген суроолор такталышы керек. Айыппул айдоочуларга салынып жаткандан кийин бизге шарттар түзүлүүсү керек. Алсак, машина жүрчү жолдордо, токтотуучу жайларда таптакыр шарт жок. Шарт түзбөй туруп айыппул салынса, элдер эртең көтөрүлүп чыгат. Шарт жок болсо эл унаасын кайда токтотмок эле", – деди укук коргоочу Рита айым.

# Цирктин цирктей чуусу бар

Мамлекеттик цирктин жатаканасынын жашоочусу 65теги пенсионер Айнагүл Деркембаева бөлмөсүнөн куулуп чыкканы боюнча биздин редакцияга кайрылды. Бул жатаканада ал мурун циркте артист болуп эмгектенген ыраматылык жолдошу жана баласы менен жашаган. Эми ал жерде таптакыр циркке тиешеси жок жарандар жашаганына карабай, өзү сыртта калып отурат



Мамлекеттик цирктин жатаканасы

## Бир артистти чыгарып, башка артистти киргизишти

Быйыл 65ке чыгып, карылыктын даамын татып турган **Айнагүл Деркембаева** апа 25 жылдан бери жашаган бөлмөдөн кантип куулуп калганы тууралуу төмөнкү окуяларды айтып берди:

–Мамлекеттик цирктин жатаканасында жашаганыма туура 25 жыл болду. Балам 1 жашка чыга элек кезинде киргенбиз. Күйөөм цирктин артисти болчу. Ал 1999-жылы ушул үйдө каза болгон. Азыр бул жатаканада бир гана цирктин артисттери эмес, андан башка адамдар да жашайт. Алар кирип алып, соттошуп чыкпай жүрөт. А мен эч кандай сотко берген эмесмин. Мага соттон "билдирүү (извещение) келди" деп айтып жатышты. Бирок мен ал билдирүүнү көргөн да жокмун. Билдирүүсүн калтырып кетиптир. Бирок мен кол коюп алган эмесмин. Колумда 1 жаштагы кичинекей неберем бар болчу. Аны таштаганга эч ким жок эле. Жалдан тыгында жүрүп келгиче үйдөгү оокаттарымды чыгарып коюптур. 25 жыл чогулткан оокатымды терезеден ыргытып, жатакананын гаражына киргизип салышыптыр. «Сот өкүмүн аткаруучулар келди" деп жазылып турат. Цирктин жетекчисине барсам, ал жок экен. Жетекчи жок болгондуктан маданият министрлигине бардым. Министрликтен цирктин жетекчисине чалса, ал ооруканада деп айтты. Мен эми эмне кылышым керек, каякка барам? Мени бул үйдө жашабайт, турбайт дептир. Мен кичинекей неберем, балам жана келиним болуп ачка калбаш үчүн иштеп жүрөм да. Жалда кичинекей дүкөндү бала караганча иштетем. Ал дүкөндү саат 11де жаап, бул жакка түндө жалгыз келе албайм. Дүкөндө жатып иштейм. Эртең менен келиним, жумушуна кетет. Балам жумуш издеп жүрөт. Неберемди бирөөгө каратып коюп келдим. Келсем биз тааныган эле Фатима деген артист аялга мен жашаган үйдү бериптир. Анын өзүнүн үйү бар. Ал эми биз 1991-жылдан бери үйүбүз жок, цирктин жатаканасында жашайбыз. Цирктин директоруна ишенип жүргөм. Ал "сени ким чыгармак эле? Күйөөң ушул жерде иштеп жүрүп каза болсо, өзүң жесир, пенсионер болсоң, каякка бармак элең?" деп жүрчү. Ошого ишенип сотко бербей жүрө беripмин. Мындайын билсем эчак эле бермекмин. Эмнеге алдайт?! Мен башка жакка бара албайм. Же ушундай бөлмө таап берсин. Булар бир артистти чыгарып, экинчи артистти киргизип ойнотконго кандай акылары бар? Эки артист кырылышып жата берсин деп жатабы? Албетте биз бул жерге деле акча төлөп жашачубуз. Бирок дүмүрчөктөрүн берген эмес. А көрсө, эртеңки күнү "төлөгөн эмес" деп чыгарып ийгенге оңой экен да. Биз электр энергиясына да, суугa да төлөчүбүз. Ал эми батирдин өзүнө эмнеге төлөмөк элем? Батирге мен эмес, сырттан келген кишилер деле төлөбөй жүрөт".



## "Батирге жашаганга мажбурмун"

Ал эми 63 жаштагы **Фатима Мокушева** 51 жылдан бери циркте эмгектенгенин, бул батирге айласыздан келгенин төмөнкүчө айтты: "Мен 51 жылдан бери циркте эмгектенип келем. Бул жерде өзүм жалгыз иштебейм. Үй-бүлөбүз менен чогуу эмгектенебиз. Кызым алып баруучу артистка. Жолдошу дагы артист. 14жаштагы неберем да иштейт. Биз үй-бүлөбүз менен артистпиз. Мен бүт өлкөлөрдү кыдырып келдим. Көп адамдар тааныйт. Бул жатаканада жашаганга орун жок болчу. Ошол себептен бул жерде жашаган эмесмин. Мына берет, ана берет деп жүрүшкөн. Жатаканада оңдоо иштери болот да дешкен. Мен 300 доллар берип батирде турчумун. Кийин төлөбөй калганымда чыгарып салды. Анан мен ушул жерде жашайм го деп ойлогом. Көрсө, бул жерде мындай окуя болуп жатыптыр. Мен өзүм урушчаак аял эмесмин. Бирок бул жакка жашаганга мажбурмун. Анткени бара турган жерим жок. Циркке кичинекей балам менен келгем. 1966-жылдан бери расмий түрдө иштеп келем".



## "Бөлмөлөрдү басып алгандар көп"

Цирктин жатаканасында мурда жашап кеткен Роза эже бул жатакана тууралуу өз пикирин мындай билдирди: "мен ал жатаканада 2010-жылдан баштап, 2012-жылга чейин жашагам. Биз ал жерди ижарага алып жашачубуз. Жатаканада элүүдөй бөлмө бар. Анын 80%ы басып алынган бөлмөлөр. Жатакана каралбай калган убакта ар ким кирип алып, чыкпай коюшкан. Канча жылдан бери жатаканада жашагандарды соттошуп жүрүп сыртка чыгарып коюшат. Бирок алар кайра эле кирип алышат. Ошентип ызы-чуу болуп жүргөнүнө 15 жыл болуп калды. Ал эми соттошуп жүргөндөрүнө 5 жыл болду. Бул жатакана негизи кимге тиешелүү экенин деле билбейм. Бирок ээси бар, мурда сатып алса керек эле. Азыр ошол ээси чыгарып жатат буларды. Болбосо эмнеге циркке эмгеги сиңген эжени чыгарып жатышат да, башка такыр эле циркке тиешеси жок адамдар жашап атат? Андан көрө ошол циркке тиешеси жокторду кууп, башка артисттерди киргизбейт беле. Жатаканадагы бөлмөлөрдө жашап туруп, ошол эле маалда үй салып алгандар да жок эмес. Салып алган үйүнө кетип, бөлмөнү бошотуп беришпейби", – деди ал.



Цирктин жатаканасындагы талашка түшкөн бөлмө

## "Соттошуп бүткөнүбүзгө 3 жыл болду"

Ал эми **Кыргыз мамлекеттик цирктин жетекчиси Курмангазы Исанаевге** кайрылганыбызда ал төмөнкүдөй билдирүү жасады: "Бул мейманкананы кээ бирөөлөр жатакана деп жүрөт. Өкмөттүн токтомунда берилген статус боюнча бул цирктин артисттери үчүн конок үй. Цирк болгон жердин баарында конок үй болот. Бир учурларда ар кимиси ар кайсы жерден кирип алып, 15 жылдан бери жашап келатышат. Акыры биз аларды сотко бердик. 8 жылдан бери 2 жолу соттоштук. Аягында Жогорку сот "акыркы чечим чыкты, кайра даттануу кабыл алынбайт" деп 3 жыл мурун чечим чыгарган. Конок үйдө жашаганга укугу барбы, же жокпу аны сот менен 8 жыл араздашып жүргөндө айтыш керек эле. Мына эми чечим чыгып, чекесинен аткарылып жатат. Мындан башка дагы 5-6 бөлмөдө жашагандар бөлмөсүн өткөрүп берди. Булар ушунча жылы жашаса да, суугa, электр энергияга акча төлөгөн эмес. Биз бул материалды прокуратурага өткөрүп берип жатабыз. Мындайча айтканда, цирктин буга тиешеси жок. Анткени биз соттошуп бүткөнбүзгө 3 жыл болду. Соттун чечимин аткаруучулар чекесинен аткарып жатат. Бошогон бөлмө комиссиянын чечими менен 14 жашынан бери циркте эмгектенген Фатима Мокушевага берилди. Бул аял азыр да иштеп жатат. Өкмөттүн жобосу боюнча цирктин конок үйү иштеп жаткандарга гана убактылуу берилет. Качан жумуштан кеткенде бөлмөнү да өткөрүп бериши керек. Себеби ал бөлөк жактан келген цирк артистерине арналган да. Артисттен башка адамдар да толтура. Алардын баары чекеден чыгарылып жатат. Конок үйдө жашаган адамдардын суугa эле карызы 70 миң болуп кеткен. Ал эми электр энергиясына дагы бир топ карыз. Мен кыргызмын, Кыргызстандын жаранымын, жашай турган жерим жок деп эле бирибирин чакырып келип ээлеп, басмачылык кылып алышкан".



АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ



# Анар ар бир ооруга жардам берет

## Жемиштердин падышасы

Анар – көпчүлүк адамдар ойлогондой пайдалуу жемиштердин бири. Бир нече кылым мурда анардын пайдалуу экендигин окумуштуулар изилдеп чыгышкан. Бул жемиш алгач Пакистан жана Афганистан аймактарында пайда болуп, бара-бара Италия, Исландия, Португалияга келе баштаган. Каир калкы анарды "жемиштердин падышасы" деп да атаган. "Балким, анын түбү таажы сыяктуу болгондуктан ошондой аташкандыр" деген аңыз кептер да айтылып келет. Деги кандай болгон күндө да бул жемиш эл ичинде жакшы кабыл алынып, эң сыйлуу дасторкондордон орун алып келет. Ал эми анын табиятына келсек, анар бадалынын бийиктиги 6 метрге чейин жетет.

## Күндүн ысыгынан сактангыңыз келсе

Каир элдери "ким анар ширесинен күнүнө бир чыны ичип турса, эч кандай ооруга дуушар болбойт", – деп айтып келишет. Ошондой эле анардын ысыктан сактай турган касиети бар экенин да изилдөөчүлөр далилдешкен. Анын курамында А, В, С, Д витаминдери, калий, темир, йод, кремний жана кальций сыяктуу минералдык заттар бар.

## Жакшы бышкан анардын кабыгы кургак болот

Анардын түрлөрүн кабыгынын түсүнө жана даамына карап, айырмалап билсе болот. Кыпкызыл, кызыл, ала кызыл түстөрүнө карап, даамы кыйгыл же даамдуу экенин билсе болот. Эгер кабыгы катуу, ары кургак болсо, анда абдан бышып жетилген болуп эсептелинет.

## Дарыларды кабыл алгандан кийин ичкен оң

Анардын ширин даамы ашказанга, бөйрөккө, өткө, боорго пайдалуу келип, диабет, аз кандуулук, кан-тамыр ооруларына жакшы жардам берет. Ошондой эле анарды физикалык, лазерлик, химиялык терапия менен радиациялык дарыларды кабыл алгандан кийин ичкен оң. Себеби анардын суусу ооздогу дарылангандан кийинки терс калдыктарды жоёт.

## Жүрөк ооруларынын алдын алат

Диетологдор анардын суусун 1 күндө эки-үч маал үч кашыктан балга аралаштырып ичүүнү кеңеш берет. Мындай көрүнүш анемия, жүрөк ооруларын алдын-алууга жардам берип, иммунитетти көтөрөт. Мындан сырткары, көңүл айлануу, тери, сасык тумоо (грипп), суук тийүү, тамак, тиш инфекцияларын алдын алууда да колдонулат. Негизи анар адамга келген ар бир ооруга жардам берет.

## Мээнин иштешин жакшыртат

Анардын өзү, же суусу өзгөчө мектеп окуучуларына жана студенттерге өтө пайдалуу. Себеби андагы минералдык заттардын пайдасы, адамдын мээсинин иштешин жакшыртып, ыкчам ойлонууга жардам берет. Мындан тышкары, гастрит, ашказан жарасы сыяктуу оорулардан жапа чеккен адамдарга анардын ширесине кайнак суу кошуп ичүү сунушталат. Себеби, суу кошулбаган анар ширеси ашказанга зыян жеткирип коюшу мүмкүн.

## Күч-кубатыңызды чыңдагыңыз келсе

Эркектин бел күчүн бекемдөөдө анардан өткөн табигый дары жок. Күнүнө 1 чыны анар ширесин ичүү мырзалардын күч-кубатын чыңдайт. Аны менен катар денедеги кан айлануу системасын жакшыртып, калыпка салат.

## Анар кабыгы тамак оорулары үчүн

Тамагыңыз ооруган кезде анар кабыгы көмөккө келет. Анар кабыгын эт туурагычтан өткөрүп, ага кайнак суу куясыз. 10 мүнөттөн кийин тундуруп аласыз да, күнүнө эки-үч кашыктан үч маал ичип турасыз. Ангина болсоңуз анардын ширеси менен тамагыңызды күнүнө үч жолу чайкап туруңуз. Ысытмаңыз же кан басымыңыз көтөрүлүп, же төмөндөп кетсе, анар суусунан 1 чөйчөк ичип коюңуз. Бул эмдөөнү 1 же 2 саат өлчөм аралыгында кайталап турганыңыз оң.

## Кайсыл ооруга кандай колдонуу керек

1. Кант диабети – 1 аш кашык бал кошулган кычкыл анар суусун күнүнө 3 маал 100, 200 граммдан ичип турганыңыз оң.

2. Аз кандуулук – 1 күндө 3 маал тамактанууга 30 мүнөт калганда, 1 стакан анар ширесин ичиңиз. Дарылануу мөөнөтү 3 же 4 ай. 10 күн тыныгуудан кийин кайра улантсаңыз болот.

3. Күйүктөргө – Анардын ширеси менен кургак кабыгынан даярдалган күлмайданы күйгөн жерге коюңуз.

4. Ангина – Анардын ширесин теңме-тең сууга аралаштырып, тамагыңызды чайкаганыңыз дурус.

5. Ич ооруганда – Күнүнө 5-6 жолу тамактанууга 20 мүнөт калганда, 2 аш кашык анар ширесин ичкениңиз дурус.

6. Жүрөк ооруга – Күнүнө эртең менен ач карын 1 стакан анар ширесин ичкениңиз оң.

Эскертүү: Колдонуп жаткан анардын шириндиги өтө кычкыл болбошу керек. Себеби тишиңизге терс таасирин тийгизип коюшу мүмкүн.

## Анарды кантип тандайбыз?

Эң жакшы анардын кабыгы купкургак, ал эми ичи ширелүү болот. Ал үчүн сырткы кабыгы жылмакай эмес, тескерисинче, бир аз бүдүрлүүсүн сатып алсаңыз жаңылбаган болосуз. Ал эми кабыгы жылмакай жана жагымдуу анар убагынан эрте үзүлгөн болуп саналат. Андан сырткары, жемиштин жакшы экенин анын гүлдөгөн жеринен билебиз. Тактап айтканда, гүлдөгөн жери жашыл тартып турган анар эскирип калганын билдирет. Ошол эле маалда эскирбеген анар катуу болуусу зарыл.


Бетти даярдаган:
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

# Сотканын жарыгы менен операция кылдык

Орусияда 10 жыл эмгектенип, орун алып калганына карабай мекенин ойлоп, элин сагынып келип, бул жактагы жетишпестиктерге, түшүнбөстүктөргө карабай тынымсыз кызматын өтөп, өз кесибин улантып келген агабыз, кардиохирургия илиминин Кыргызстандагы жападан-жалгыз доктору, профессор, кардиохирургия институтун түптөөчүлөрдүн бири - Калдарбек Абдрамановдун маегинен...

## Учкуч болсом дечүмүн

Атам убагында Саратовдогу аскердик авиациянын сыноосунан өтүп, уулуңузду алып кетели деп келишкен экен. Себеби ал өзү бойлуу, чымыр адам болуптур. Бирок, энемдин колундагы жалгыз уулу болгондуктан кетсең «ушул бойдон топурагыңды түйүп берем» деп ыйлап атып жибербей коюптур. Атам ошону кээде эстеп, кейип калчу. Аны угуп жүрүп мен да учкуч болгум келээр эле. Ал тургай кичине кезимде да чоң энем мени «Сен кыйын баласың да. Учкуч болосуң сен» деп алдап коёр эле. Бирок, өзүм жаштайыман көп ооруп, ооруканаларга көп жатып калдым. Натыйжада, кээде учкуч болом десем, кээде дарыгер болом дечүмүн. Кийин аскерге барып келген соң спортсмен болгум келип, спорт институтуна тапшырып, өтүп кеткем. Бирок атам бүт документимди кайра алып: «Балам футболду, боксту мына ушул жерден деле ойноп, машыга бересиң. Спорт деген кесип эмес. Андан көрө дарыгерликти окуп ал», - деп мед институтка тапшыртып кетти. Ошентип медицина тармагына аралашып калдым.



## Кардиохирургияны өнүктүрүш үчүн келдим

Окууну бүткөндөн кийин улуттук госпиталда «жүрөк хирургиясы» деген бөлүм бар эле, ошого иштеп калдым. Мирахимов кардиология бөлүмүн жетектеп, мени да өз бөлүмүнө алып кетти. 1987-жылдар. Ал кезде мен жаш адис болчумун. Бирок, жаш дегеним менен 30дарга чыгып ординатура курагынан өтүп, бала-чакалуу да болуп калгам. Ошондо жетекчибиз Маралов «Илим жактайм десең, аспирантура, докторантура окуйм десең анда сөзсүз ординатурадан баштагының. Себеби эң биринчи адис болуш керек» деп мени көндүрүп, Москвага жиберди. Натыйжада Москвага барып, 10 жыл жүрдүм. Барганда эле азыркы Орусиянын башкы кардиохирургу Лео Бокериянын кол алдына бардым. Негизи ким болбосун жоопкерчиликтүү, жигердүү, айтканды айткандай жасаган адамды жакшы көрөт эмеспи. Биз кыргыздар да ошондойбуз да. Тиги армян, грузиндердей болуп жалкоолонбой, тентектенбей иштейбиз. Ошонума карап мени кетирбей жанына алып калды. Башкаларга көңүл деле бурган жок. 10 жыл жанында жүрдүм. Аягында операцияларын деле мага ишенип таштап койчу болду. Операция жасаганды ошол жактан үйрөндүм. Илимдин кандидаты, доктору болдум. 10 жылдан кийин союз таркап кетти. Ошондо ал киши «бул жакка эле калып иштебейсиңби» деп калды. 18 операциялык бөлмөсү бар жаңы хирургиялык борбор ачылайын деп турган. Ошого «жок дегенде бир бөлүмдүн жетекчиси болосуң. Керек болсо илимдер академиясына мүчө болгонго, академик болгонго мүмкүнчүлүктөрүң бар» деди. Бирок, мени 2 нерсе кармады. Биринчиден 10 жыл жүрүп Орусиядан тажадым. Экинчиден, Кыргызстандагы кардиохирургиянын деңгээли өтө төмөн түшүп кетти. 2 казак хирург бар эле, Казакстанга кетип калган. Мараловдун болсо көзү өтүп кетти. Мирахимов болсо хирург эмес эле. Ал кардиологияда жетекчи болуп турган. Аны менен Москвада жолукканыбызда «Сен бул жакта жүрсөң жүрө бересиң. Негизи сенин келечегиң бар. Бирок сени үйрөнүп кел деп жибергенбиз. Кыргызстандын кардиохирургиясын көтөрүш керек» деп калды. Мына ошону менен бул жакка келе бердим.

## Камера койдурганым жаккан жок

6 жыл иштегенден кийин революция болуп кетти. Мен ага чейин эле «түштүк эли келип-кетип кыйналбасын» деп жүрөк хирургиясынын филиалын Жалал-Абадда ачкам. Ошол жакты өнүктүрөйүн деп которулуп кеттим. Ортодо анча-мынча маселелер да болду. Мисалы, ошол кезде биринчилерден болуп хирургияга камера койдургам. Себеби, бизде ар бир мүнөт баалуу да. Оорулууну караган көзөмөлдөөчү 5 мүнөттөй эле уктап кетсе кеселди жоготуп алышыбыз мүмкүн. Ошондуктан аларды уктабасын деп камера койдургам. Натыйжада, «бул бизге ишенбей атат» деп сотко берип, иш козгошту. Болбосо мен алардын уктоочу жайына, жуунган жерине койгон эмесмин. Операция бөлүмүнө, залга, дагы ушул сыяктуу жерлерге койгом. Бирок, ошого карабай мени сотко беришти.

## Бардык аспаптарыбыз жаңы

Кыргызстанда жалпысынан 18-20 миң адам жылына жүрөк, кан тамыр ооруларынан каза болот. Ал эми ошончо адамдын жок эле дегенде 25-30 пайызын операция жасап сактап калсак болот. Бул жок дегенде 6000 миң адам жылына операция болушу керек деген сөз. Дагы 6000 адамды дары-дармек менен айыктырса болот. Мына ушунча адамды сактап калыш үчүн бизге кадр жетишпейт. А аны ким даярдайт? Саламаттыкты сактоодогу атка минерлердин ою жок. Премьер менен өкмөт кардиохирургия дегенди түшүнбөйт дагы. 5 кишинин бирөөнүн кан басымы жогору, 10 кишинин бирөөнүн жүрөгүндө мандем бар. Мына ушунун баарын жолго коё турган адамдар керек. Азыр акырындап жолго коюлуп келатат. Бирок, азыр кайда барсаң жетишпестик бар. Убагында 45 миллион сом бөлүнүп, жаңы шаймандарды, аппараттарды алганбыз. Бирок, ошондо деле жокчулуктун жели уруп турат. Мисалы, операцияга кирерде колуңду тоссоң өзү ысык суусун, муздак суусун чыгарып берип, жуунуп бүткөндө өзү өчүп кала турган аппарат бар. Андай керек болсо Бишкекте да жок. Мына ошондой аппарат турганы менен кээде карасаң суу чыкпай калат. Көрсө, шаардын түтүктөрү эскирип, чирип бүтүп калыптыр.

## Сотканын жарыгы менен операция жасадык

Мисалы, өзүңөр билесиңер свет жок операция жасадык. Негизи свет мурун деле өччү. Бир айда 1-2 жолу болуп турчу андай. Бирок 2-3 мүнөттө, ашып барганда 10 мүнөттө кайра күйчү. Ага чейин өзүбүздүн системада аккумуляторлор менен иштей берчүбүз. Генератор алып бергиле десек анысы 25 миң доллар турат экен. Андай акчаны мамлекет оңойчулук менен бөлбөйт экен. Ошондо деле байкалбай калмак. Бирок, свет кайра күйбөй койбодубу. 10-15 мүнөт өттү, свет жок. Аккумуляторлор, лампочкалар өчө баштады. Анан 20 мүнөткө кетти. Свет дале жок. Ошондо «кой болбой калды. Бардык панарларды, соткаларды чогулткула» дедим. 1 эле панар бар экен. 70тей киши иштечү, ошонун баарынын соткасын чогулттум. Себеби, свет дагы канча өчөрү белгисиз болуп турду. Операция болсо 2 сааттан бери уланып аткан. Жүрөктүн бир клапанын тигип бүтүп, 2-клапанды тигип атканбыз. Анын ордуна канды айлантып турган аппаратты кадимки эле жаргылчакты айланткандай, кол менен иштетип турдук. Атайын ошондой функциясы бар анын. Ошентип телефондордун жарыгы менен 36 мүнөт операция жасап, оорукчанды аман алып калдык. Элге айтып мактанайын деген деле эмесмин. Болгону интернетте хирургдардын арасында «мен минттим», «мен мындай кылдым» деп пикир бөлүшүп турган баракчабыз бар. Ошого салып койгом. Ошол жерден мед институтта окуган бир студентибиз фейсбукка жарыялап жибериптир. А биздин чоңдор аны көрүп «Эмне жарыялайт? Жоопко тартыш керек» деп чыгышты. Башы оорубагандын Кудай менен иши жок деген ошол тура.

## Биздин адистер дүйнө жүзүндө жүрөт

Азыр бизде кардиолог жок. Бизде кадр жетишсиз. Негизи Кыргызстанда жүрөк хирургиясы боюнча илим жактаган 20дан ашык киши бар. Улуулары бар, жаштары бар. Бирок алар чет өлкөдө жүрөт. Бул жерде жалгыз эле мен калдым. Орусияда жүрүшөт, Казакстанда, Англияда жүрөт. Рахманкулов деген жигитибиз Америкада жүрөт. Мына мен даярдаган жаш адистер бүт кетип калды. Финляндияда, Норвегияда, Германияда жүрүшөт. Себеби бизде шарт жок. Өкмөт ар бир облуска кардихирургия ачып, аппараттарын коюп туруп келгиле десе келишет эле да. А бизде аларга талап бар. Мисалы, Сомалиде 3000-4000 адам согуштан өлсө, кыйкырып атышат. А бизде 20 миңге жакын адам жүрөк-кан тамыр оорусунан өлүп атат. Мен жанагы байларга да айтып келем. Оорукана ачып койгулачы дейм. Атыңар да калат, акчаңарды да кайра чыгарып аласыңар деп жүрөм. Себеби, ден соолук үчүн эч ким акчасын аябайт. Бирок, алар көңүл бурбай жатат. Жаңы оорукана салынбай калды.



НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

# Орусия – Сирия: миссиябы же авантюрабы?

Орусия президенти Владимир Путиндин буйругунан кийин Орусиянын Сириядагы куралдуу күчтөрүнүн бир бөлүгү мекенин көздөй сапар алды. Бул жоруктун чыныгы себептери Батыш үчүн да, сириялык бийлик үчүн да бүдөмүк бойдон калып, дүйнө медиасында катуу талкууланууда. Эмесе бир нече себептердин натыйжасы сыяктуу көрүнгөн маселеге саресеп салып көрөлү

### Кремль чептерин ыктаган көз-караш

Авторитардык башкаруусу бар мамлекеттердин жалпыга маалымдоо каражаттары (ЖМК) Орусиянын расмий билдирүүлөрүнүн тегерегинде төмөнкүдөй ой толгошкон. «Москва Сирияга киргенде эки негизги максатты белгилеген. Биринчиси, сириялык расмий бийликти колдоп, аны куралдуу оппозициясы менен бирге сүйлөшүү дасторконуна отургузуу. Экинчиси, эл аралык террорчулардын мизин кайтаруу. Бул эки максатты ишке ашыруу үчүн Союз убагынан калган Тартустагы деңиз аскерлик базасынан сырткары, Латакия аймагынын батыш тарабында орустардын Хмеймим аба базасы ачылды. Төрт айдын ичинде бул базага түрдүү шарттар үчүн колдонулчу 70 учак жайгаштырылган. Бул базаны «Reuters» кабар агенттигинин айтымында 4000ден ашык аскер кайтарып жана камсыздап келген. Учактан сырткары, орустун жаңы жана эң күчтүү «Панцирь-С1», «Бук-М2» жана «С-400» аталыштагы аба соккусуна каршы комплекстер жайгаштырылган. Буга кошумча деңиз аскер кемелеринен 48 канаттуу ракета менен да сокку урулган.



Чын эле, буга чейин Ирандын Ислам ыңкылабынын сакчылары жана ливандык «Хезболла» шииттик согушчан тобу колдогонуна карабай Башар Асаддын тарапкерлери аянычтуу абалга келип, кээ бир бөлүктөрү тоо кийик болуп кете жаздаган. Орусиянын коргоо министри Сергей Шойгунун айтымында орус учактары 9000 жолу учуп чыгып, сириялык бийликти колдогондордун 400дөн ашык айыл жана шаары жайгашкан 10 миң чарчы километрди согушкерлерден бошотууга шарт түзгөн. Мындан сырткары, террорчулардын мунай чыгарган 209 ишканасы жана аны ташыган 2 миңден ашык унаасы талкаланган. Сирияга жетип барган орусиялыктар тарабынан 2000 террорчунун жок кылынуусун да орус тарап сүйүнүп айтып өттү. Беш жарым айга созулган аскердик операциянын натыйжасында Түркия менен Иран аркылуу кеткен мунай аткезчилиги бир топ кыскарып, Сириянын бийлиги менен ага каршы топтордун сүйлөшүүсү башталды. Айрыкча, орус тарап жерге сокку урчу учактарын гана чыгарып, абадагы буталарды согуп түшүрчү учактарын жана ракеталарын калтырды. Каалаган убагында керектүү учактарды кайра алып келүүгө мүмкүндүк түзгөн кызматтар орустарга бекер берилген жаңы Хмеймим аэродромунда иштей бермекчи.

### Экономикалык теория

Орусиянын Сирияда мындан ары активдүү аскердик аракеттерин уланта берүү үчүн каражаты тартыш дешет бул пикирди жактагандар. Алардын айтымында Башар Асаддын каршылаштарынын өпкөсүн кагып туруу үчүн орустар күнүнө 3 млн. доллар сарптап келишкен. Демек беш жарым айда жарым миллиард доллардын тегерегинде жумшаганга аргасыз болушкан. Крымды тартып алып, Украинанын Донецк жана Луганск облустарына көйгөй жаратканынан улам АКШ жана Евробиримдик тарабынан коюлган экономикалык чектөөлөрдөн аксап турган Орусия үчүн бул оңой чыгым эмес. Орусия экономикасынын пайдубалын түзгөн мунайдын баасы акыркы эки жылдын ичинде 4 эседен да төмөн түшүп кеткени буга үстөккө-босток болуп турган кез. Мунай баасы асман чапчып турган кезде экономикасын жетишерлик жаңылап алууга жетишпей калган орус өкмөтү кенен-кесир жашап калган мамлекеттик кызматкерлеринин наразылыгын ойготпоо үчүн майда-чүйдө ишкерлердин жана кандайдыр бир жеке кирешеси барлардын чөнтөгүн кармалай баштады. Ушунун айынан эки ай мурун жүк ташуучу автоунаалардын ээлери менен тирешип, алар Москвага чейин келип чала-була жол бөгөп кетишти.

Орустардын шовинисттик аңсезимге жакыныраак серепчилери «Мунайдын баасы мурунку калыбына келбесе Орусиянын экономикасы сызга отуруп, бийликтин эл алдындагы абройу айрандай төгүлөт. Мунун алдын алуу үчүн Орусия Орто Чыгышты толугу менен каптаган согушту тутантышы керек» деп ачык эле айтып калышкан. Орус жетекчилиги да «Орто Чыгыштын мунайга бай мамлекеттери анын баасын карасанатайлык кылып, атайын түшүрүп атат. Эми жакында силерге көргөзөбүз» дегенинин эртеси Сириядагы жарандык согушка кирип барышкан. Бирок алар мунайдын кунунун түшүүсүнүн дагы эки себеби бар экенин кадам таштагандан кийин түшүнүштү. Биринчиси, дүйнө, айрыкча, Кытайдын экономикасынын өсүүсүнүн жайлоосу. Экинчиси, «сланц нефтиси» аттуу аз чыгым талап кылган мунайдын жаңы түрүнүн өндүрүлүүсү. Ошентип орустун «Сирияга кирсек эле мунайдын баасы көтөрүлөт» деген үмүтү таш капты.

Украина менен алка-жака болгондон тарта дүйнөлүк абройу түшкөн Орусия Сирияны бомбалаганда жүз миңдеген качкын Европаны көздөй бет алган. Европадагы тарапташтарын саясий аренага сүрүп, аны менен бирге медиа чабуулун баштаган Орусия дипломатиялык жол менен Батыш киргизген экономикалык санкцияларды алдырууга аракет кылган имиш. Бирок саясат арканын узун таштап көнгөн батыш дипломатиясы бул провокацияга алдырбай, санкцияларды ого бетер катуулаткан. Акыры Орусия Сириядагы активдүү аракеттерин бир да күн узарта албасына көзү жетти дейт, экономист серепчилер.

### Орустар шииттердин көпөстүгүн эске алган эмес

Владимир Путиндин Сириядан аскерин чыгаруусу Башар Асадга бир күн калганда айтылган сыяктуу. Себеби бир жума мурун эле оппозиция менен тегерек үстөлгө отурар-отурмаксан болуп жаткан Башар тараптын дымактары башкача болчу дейт перстерге жакын Азербайжан жана Ливан серепчилери. Башарчылар «Башар Асад бийликтен кетпейт. Биз Сириянын акыркы чарчы метрин күч менен бошотмоюнча эч ким менен сүйлөшпөйбүз» деп төш кагып, ал тургай өздөрү каалаган мөөнөттө шайлоо өткөрөрүн да жар салып жиберишкен. Жардын кырынан кармап калган Москва менен кеңешпей туруп айтылган мындай билдирүүлөр орустарды ыңгайсыз абалда калтырган. Себеби Башар Асадга каршы топторду колдогон мамлекеттердин лидерлери орустардын сириялык бийликтеги тентектерге алы жетпесин байкап калышты. Анысы аз келгенсип, Сирияга орусиялык жаңы куралды колдонууну үйрөтүүгө гана барган орус офицерлери Башарды колдоочулардын коркоктугунан улам бир нече жолу алардын каршылаштары менен өздөрү согушууга аргасыз болушкан.

Сирия калкынын 10 пайыздайын түзгөн алавиттерден чыккан Башар Асадга Иран жан тартып келген. Бирок жогоруда айтылгандай, сириялык бийликтин өз көмөчүнө башкалардын колу менен күл тарткысы келгени ирандыктардын акыркы убакта Сирияда согушуп жүргөн аскерлерин чыгарганга себеп болгон чыгар. Кыскасы, ирандыктардын жердеги согуштан четтөөсү орустар үчүн жаман сюрприз болду. Анысы аз келгенсип, акыркы жылдары Иранды дайыма колдогонго аракет кылган орустарга шииттердин мунай маселесинде алган орду таң калтырды. Орусия араб мамлекеттери менен бирге мунай өндүрүүнү бир калыпта кармайлы деген сунушун Иран четке какты.

Жогорудагы себептерден улам Владимир Путин жакындары менен кеңешип, Асадга, анын тарапташтарына жана Иранга эскертүү катары Сириядагы аскеринин ири бөлүгүн артка кайтарды дешет бул жоромолду жактагандар.

### Жыйынтык сөз

Дүйнө серепчилеринин айтымында, күчтү гана баалаган сауддуктар, ирандыктар, ирактыктар, күрттөр жана түрктөр орусиялык аскердин аракетин чегинүү деп баалайт. Алар «Демек Москванын дымагы ушуга чейин эле турбайбы. Эмне кыларын даана билбей туруп эле кирип келиптир да» деп эсептешет. Ошондуктан Орусия Орто Чыгышта гана эмес, дүйнөнүн жалпы кеңеш дасторконунда да олуттуу ордунан ажырады.

Орусия учурда Сирияны туруктуу жашаган улуттарга жараша бөлүүнү сунуштап турат. Сирия суннийлер, алавиттер жана күрттөрдүн арасында бөлүнгөн соң, жалпы мамлекетти кандайдыр бир бириккен өкмөт башкаруусу керек. Ошондо орус тарап көп чыгымга учурабай, Башар Асад бекер берген эки аскердик база аркылуу бул кеңири аймакка таасирин сактап калмакчы.

Анткени менен орустардын күтүүсүз чегинүүсүнөн улам американын нес болуп калганы учурда орус калкын сүйүнтүп турган кези.

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Эки кайненем эки чайнекке чай койчу

Биздин ата-энелер «Советке чейин, Совет доору жана Советтен кийинки» деген эки жолу сынган үч доорду башынан кечириптир. Жандарына отура калсаң эле каптын оозунан таруудай кеп чуурат... (Жарыктык карылардын илеби уруп турсун деп тилин оңдогон жокпуз)

**Биринчи кеп:**
**93 жаштагы Ат-Башылык апа**

Атам: «Кулкуллавадды (Курандын «Ыклас» сүрөсү) дайыма айтып жүр, ошонун жакшы касиети бар. Жатаарда кулкуллавадды айтып, бычак менен тегерете чийип жатса, эч нерсе жолобойт. Канча жылдан бери ушинтип жаттым, эч нерсе жологон жок», – дечү. Өзү молдо деле эмес болчу. Намасын окучу, бирок молдо эмес.

* * *

«Бакан ооз» (маалымат чалгынын кылган адам) дегени эмне экенин түшүнчү эмес экем. Кытайда Муңайтпас деген баласы калыптыр ошону көрөм деп барып, кармалып камакка түшүп калыптыр. Муңайтпасы кийин өлүп калбадыбы. Аны Совет өкмөтү кайра өзү чыгарып алган экен. Аяктан чыгарганда бери жибербейт экен. Кытайда он жылбы, канча жыл жашап жүрдү. Бизди энебиз эле бакты. Кийин келди. Келгенде орустар келип терезеден чертип, күрүч берип, шекер берип кетчү. Көрсө, паралачу турбайбы атабызды.

* * *

Муңайтпасын кошо алып келаткан тура. «Энем карап турат, учурашып келе калайынчы» деп жүгүрүп кетиптир да. Ал кезде он алтыларга чыгып калыптыр. Көрсө, алдаган тура. Ал жүгүрүп атамдын келинчегине жөнөп кетиптир. Биздин атабызды самолоткобу, машинегеби салып кетишиптир. «Мен ошентип түшүп кетип, бала калып калбадыбы ошоякта» деп кейичү. Энеси айткан да «Ошентип алдап калып кал» деп.

* * *

Атам кийин келгенде бир кемпир алып келди. Кытайда он чакты жыл жүргөндө алыптыр. Бир жерлик деп таанышыптыр аяктан. Биздин айылдык кишинин жесеси экен. Аны жерип атып эле кетиртип ийгенбиз. Агабыз анын инисине айтыптыр: «Жеңиз келди, алып кетиңиз. Ал деле карып калыптыр» деп. Анан алып кетти, унчукпайлечи. Жакшы кемпир болчу.

* * *

Атам өзү каса болордо агама:«Мага эстелик койбогула. Топурагым учуп турганы жакшы. Шариятта жок эстелик» дептир. Анда агам ревкомиссия болуп иштеп турчу. Эстелик коюлбай калса кеп кылышпадыбы эл. «Атасына эстелик койгон жок» деп. Өзү ошентип айтыптыр деп койдурушкан жок.

* * *

Бая күнү неберем келиптир: «Дем салып коёюн эне» деп. «Түү-түү» деп түкүргөнүн көрдүм эле деп дем салымыш болду. Мен унчуккан жокмун. Билбейт да ал. Куран да билбейт. Бирок ошонуку деле дем болуп калды анан. Мен дем салдырганды жакшы көрөм. Мага атам такай дем салчу. Кайнатам. Эмнеден байкаганын билбейм. Мага такай дем салып жүрчү. Демин сүйчүмүн. Анан намас окудум. Намаска жыкты. Көшөгөгө отургусуп алып сырттан «Үйрөн балам» деп айтып. Толук жаттап бүткөндө, менден экзамен алып айттырган атам. Ошо намас окуп берсем эле жакшы көрүп калды окшойт. Мени аябай жакшы көрчү байкуш атам. «Секет кетейин» дей берчү. Жалынганы ошондой эле. Балдарымды да, башканы да «Секет кетейин» дей берчү.

* * *

Ата-эне баласынын кыйналганына көңүлү ооруйт экен. Анан эмне кылмак эле, ата-эне милдети ошол. Неберем аялы менен айры жашап калыптыр эле, кайра табышып алыптыр. Эки кудагый уруша кетип, ажырап кетишти эле. Урушканга да киши керек. Урушканга да сөз керек. Не кереги бар урушуп? Кудай уруш кылбасын! Мектепте балдар менен урушчумун. Урушканда көп урушчу эмесмин. Экини коюп салып, чейрегин сурабай койчумун такыр. Анан чуркап жүрүшчү. «Сурабайм. Бар, башка мугалимден суралып алып баа алып кел» деп коркутуп койчумун.

* * *

Башкарма аке инисинин кызын багып алган. Анысы эрке аябай. Сабак айтса эле кыйшактап жөн тура албайт. Кичине бирдеме десең эле коркутуп калат мени. «Мамама айтам» дегенден башканы айтпайт да. Бир күнү урuштум: «Бар, мамаңа барып, чыкырып кел. Сенден сурабайм. Мамаңа баа койдуруп кет» дедим. Ошондон кийин унчукпай калды. Анан сурабай койдум, сурабай койдум... Чейрек чыгып атат. «Жээке сурап коюңузчу» дейт, «Сурабайм сени» деймн. Коркуп калды байкуш. Кийин анан мамасын ээчитип келиптир. «Мамама эле айтам дейт, мамасын сурайын, анан баа койдуруп кетсин кызыңар» дедим. Экөөбүз тааныш элек. Күлүп анан, мындайраак чыгып «Кой, сурап койчу» деди мамасы.

* * *

Балдардын нечен кыялы бар. Артыкча кыздардын кыйшактап туруп сабак айтканын жаман көрчүмүн. Момунтип туруп чымчып алчумун «Жөн туруп айт» деп. Эркек балдардыкы билинчү эмес мага. Өз балдарымдын баары эркек да (12 эркек төрөгөн). Алардын тентеги деле билинчү эмес. Үйдө жакшы эле тентектик кылчу. Короого малга чыгат, буттары булганып келет. Керсевий өтүктү кийгизип коёт атасы. Эшиктин алдына келет, момунтип силксе өтүк ыргып келип түшүп калат. Айлам кеткенде кийин сабакка үлгүрбөй калам деп, калидорду сүрүп койчумун. Мен жалгызмын. Же кызым болбосо, же абысыным болбосо. Анан жатат калидор кайра эле чаңдап.

* * *

Таруудан каша жасап берчүмүн да. Мен Ошко окууга кеткенде (пединститут) ошону жасайм деп, ким жасаганын билбейм. Оштон келсем эле кичине казандын ичи толтура ботко. Карасам, ошол таруудан салып аябай бышырып канча күн жешкен. Калганы бузулуп баратыптыр. Бири-бирин ээчитип жүрүп эле чоңоюшту. Таштан машине жасап алышат. Аткоско жол салып алып эле «вуууу» деп эле бириниң аркасынан бири айдап ойноп жатышчу. Ошол оюну кийин турмушунда болот экен да. Эми булар машина айдап калышса эле оюма ошол ойногондору түшөт.

* * *

Атаңар болсо зоотехник болду. Андан мурун мектепте болуп, мектепти таштап кетти. Мектептен тажады. Үйдө отурчу эмес. Кетүүчү малчыларды кыдырып эле. Булардын кандай, эмне болуп атканы менен иши деле жок. Кайним эгиз төрөгөнүмдө экөөнү эки колуна көтөрүп алып эле «Жеңе мен буларды бала кылып алайын» дей берчү. Кийин салдаттан келгенде алып кетпедиби. Абысыным балага жакшы болду. Ал бакпаса, кайним бага алабы? Аябай жакшы карады балдарды. Балдарымдын жоруктарын айтып эле мени күлдүрүп жатчу.



* * *

Балдарымдын эрмеги менен эле жыргап жүрө берчү экемин түйшүктү сезбей. Эгиздерим орусча окуп калышты да. «Электи» алып кел десем, «Кайсыл, жанагы диң-диңдиби?» деп сурашат колу менен ун элеп аткансып көргөзүшүп. Бир күн келсем ашканүйдүн ичинде кичинекей табактарга чала-бучук желген талкандар катып калыптыр. Кичи кайненем «Талкан түтпөдү» дегени ошондо эсиме келди. Муздак сууга талканды чалып, шекери жок жеп көрүшүп, жебей тыштап коюшуптур. «Ииий, ушунтип түгөтүп атышкан турбайбы талканды» деп ага ун кошуп салды. Ошентсе анан жебей калды окшойт.

* * *

Ээн ойноп, ээн чоңойгон бала жакшы да. Балалыгы жакшы өтөт. Чүкө ойношчу, чигит атышчу, корого чыгып алышып «кара коюн дүмпүлдөк» дешип ойношчу. Асыр анын бары унутулуп калды го. Эми андай оюн ойногон бала жок. Катуураак, тентегирээк оюндарын мага көрсөтпөй ойноп келишчү.

* * *

Чоң кайненебиз иштүү катын болчу. Бирдеме жасап эле отуручу. Башкасы качып эле кетип калмак. Мен чыдадым да баарысына. Бирок урушкан жок. Түйшүк көп болчу. Кайненелерим мени урушкан жок. Менин өзүмө жараша болду го. «Азуусун айга бүлөгөн эки кайненеңе кантип чыдап жүрөсүң» дешчү. «Айга бүлөй берсин, мага сүйлөбөйт» деп койчумун. Мага сүйлөшчү эмес. Себеби, атам да жанагинтип турчу. Күйөөм да болушуп койчу окшойт мен жокто. Атам өтүп кеткен кесте, чоң мештин үстүнө эки кайненем эки чайнекке чай койчу. Мен сабакка барышым керек да. Мен кайсынысынан чай ичеримди чечип алдым. Кимисиники эрте кайнаса куюп берип, бир-эки чыны ичип алып кетип калчумун. Унчукчу эмес экөө тең. Кимисинин чайын куюп берип ичип кетсем, чай куюп бербеген кайненем мени коркутуп калчу. Коркутканын билем да. Мен да унчукпай койчумун такыр. Кайненелер ушундай болот экен.

* * *

Он тогуз жашымда турмушка чыктым. Пединститутту бүтүп келгенде эле чыктым да. Учительский деп эки жылдык иниститут болчу. Андан башка мугалим даярдаган жер жок болчу. Кийин төрт жыл кылып, Оштон бүтпөдүмбү. Бир балам ошол жакта сарт бешикте чоңойбодубу. Кайнежемдин кызы бакты. Чийдей кыз болчу, семирип келбедиби. Жер-жемиш алып келип беребиз. Ойнотуп келчүбүз. Кийин өлтүрүп кетпедиби секретарды. ...Иии, Султан Ибраимов. Ошол секретар болчу Ошто. Биз жаткан кемпирдин үйүнүн ылдый жагында үйү бар болчу. Аялы жакшы неме болчу. Балдарды короосуна киргизип ойното берчү. Ошонукуна бир маал жиберчүбүз ойногону. Ошол Ибраимовду жакшы иштейт экен деп алып кетишкен борборго. Ошонун кызы кызматта иштеп атты эле го, эмне үчүн түшүрүп койду аны?...

* * *

Балдар келгенде ачылып, ырас болуп калам. Эки-үч күндөн бери кыйналып атам. Башым ооруйт. Дары ичсем да болбойт. Ошол, ошол, ошол, сүйлөп бүттүм...

Угуп отурган ЖАНСАКТА САРБАШОВ

# Эки акын

“Мен киммин? Мен бир акын жаман сары,
Колунда койкоңдогон калем сабы.
Энекем эптеп төрөп койсо керек,
Кыргыздын көбөйсүн деп адам саны.”





## Элдик акын

Кыргыз эл акыны Байдылда Сарногоев Талас өрөөнүндө 1932-жылы жарык дүйнөгө келген. Ырлары элдик ырга айланган акындын чыгармачылыгы жөнүндө айтып отурсаң, бүтпөгөн казына. Анын ырлары калктын калың катмарына кеңири таркап, ак менен караны, бар менен жокту, акыйкат жана жалганды таамай сүрөттөгөн сүрөткерлиги менен башкалардан айырмаланып турат.

Байдылда калың кыргызга жогорудагы төрт сап ырда таамай айтылган жөнөкөйлүгү, карапайымдыгы менен алынган. Бул адамда эч кандай менменсинүү, текеберлик сыяктуу касиеттер болгон эмес. Өнөрү, таланты менен өзгөчөлөнгөн эл акыны ар дайым калың массанын катарында өзүн жөпжөнөкөй алып жүргөн. Эл да акындын чыгармачылыгын жогору баалап, өзгөчө урмат-сый менен мамиле кылган. Анын бул жалган дүйнө менен кош айтышканына канча мезгил өтүп кетсе да, “Байдыкем айткандай”, “Байдыкенин окуялары” деген сыяктуу сөздөр дале да болсо айтылып келет.

Байдыке алгачкы чыгармасын 13 жашында жазып, анысы райондук гезитке басылган. Жаштайынан томолой жетим калып, Фрунзе шаарындагы кадимки №5 мектептин интернатында тарбияланып, окуусун бүтүргөн. Мектепти аяктагандан кийин Москва шаарындагы М.Горький атындагы адабият институтунан билим алган.

Байдылда Сарногоевдин жарыкка чыккан алгачкы ырлар жыйнагы "Шумкар" деген аталыш менен жарыяланган. Мындан соң акындын көптөгөн китептери окурман журтчулугунун арзуусуна татыган. Өзгөчө анын “Ашуудан берген отчётум” аттуу ырлар жыйнагы эл арасында өзгөчө бааланып, окурмандардын сүйүп окуган китеби болуп кала берген.

## Эртерээк көрүп, кеч түшүндүм

Өз өмүрүндө акын көптөгөн кыргыздын залкарлары менен насиптеш болуп, чыгармачылык байланышта болгон. Эмесе анын өзгөчө пир тутуп, өзү айткандай эрте таанышып, кеч түшүнгөн улуу акын Алыкул Осмонов тууралуу эскерүүсүн сиздердин назарыңыздарга суна кетсек.

*Ойлонуп көрсөк турмушта*
*Өмүр бул качкан бир куш да…*
*Осмондун уулу Алыкул*
*Опол тоо акын кыргызда.*
*Ортодо жүрбөй «өйт» берди*
*Ободон учкан жылдызча.*

“Алыкул акынды азыр ойлосом, мен аны эртерээк көрүп, кечирээк түшүнүптүрмүн. Анткен себебим, акындын чыгармалары менен бала кезимде таанышсам да баамдап, байкап, маани жагына кийинчерээк түшүндүм. Алыкул жазуучулар союзуна өтө сейрек келчү. Менин байкашымча, келгенде деле көпкө аялдабай, айрым өзүнө сырдаш жоро-жолдоштору менен сүйлөшүп кайра кете берчү. Ал мага өтө түнт, ачылып сүйлөбөгөн, сөзгө сараң же болбосо такыр эле сөзгө чоркок адамдай сезилчү. Акын болсом деп ак эткенден так этип, «чымындуулардын чымыны» жугаар бекен деген ойдо Жазуучулар союзуна көп эле келип, жыйналыштары болсо катышып, чебер, чечен агайлардын эчен сүйлөгөн сөздөрүн уккам. Жыйналыштарда Алыкулдун бир да жолу эл алдында чыгып сүйлөгөнүн уккан да, көргөн да жокмун. Ал өзүнчө ойлуу четкерээк жерде отуруп, оозун бетарчысы менен басып, тык-тык жөтөлүп жатканын көп эле байкагам. Өңү керсары тарткан, узун бойлуураак, арык киши эле. Ошондо ал отуздан ашып калган жигит агасы болсо да, менин жаштыгымданбы, мага улгайган адамдай көрүнчү. Ал кишинин жайын уксам, көрсө, узак жылдардан бери ооруп келаткан учук оорусу бар турбайбы. Элге жакындабай четирээк олтурганы, сүйлөбөгөнү, элдин сөзүн угуп, унчукпай чыгып кете бергени да ошол оорусунан болсо керек. Мен кийин ойлосом, Алыкул акын өзүнөн мурда элге өмүр, элге ден-соолук тилеген сак, кыйла этиканы так кармаган акын экен.

## Алгачкы таанышуу

1948-жылдын апрель айы. Ал кезде Жазуучулар союзунун төрагасы Аалы Токомбаев эле. Менин ал-жайымды, башымдан өткөргөн жетимдик күндөрүмдү, кандайча шаарга келгенимди, ыр жазымыш болуп жүргөнүмдү бир топ жазуучулар билчү. Бир жолу Жазуучулар союзуна барсам, Алыкул акын ошол жерде экен. Мен ал кишиге салам айтсам, ал күлүмсүрөп саламымды алик алды да:

– Иним, сенин жөн-жайыңды уккамын, бул жерде бир аз ишим бар, бүткөрүп алайын, сен күтө тур, анан мени менен үйүмө барабыз, — деди. Мен ичимден кубанып «макул байке, күтө турайын» дедим. Ошентип, үйүнө бардык (азыркы Сокулук көчөсүндөгү үй). Короосуна кирсек бир орус кемпир жүрөт, башка эч ким көрүнбөйт. «Үй-бүлөсү кайда, жалгыз жашайбы» деген ойго кеттим. Үйүнө кирдик, бир жазма стол, бир керебет, бир топ жыйылган китептер, булардан башка көзүмө эч нерсе урунбады. Алыкул байкем бир аз олтургандан кийин мени ойлуу карап сөзгө киришти. Бетарчысы колунда, оозун басып тык-тык жөтөлүп алып: — Уккун иним, мен да сендей жетим чоңойгом, жетим балдар үйүндө тарбиялангам. Бая күнү Аалы Токомбаев сен жөнүндө мага: «Ушул баланы ини кылып алсаң кантет? Жетим экен, жалгыз жашайсың, баланын пайдасы тиет. Көмөк көрсөтсөң акын болчудай, ыр жазат экен, — деди. Эми иним, мени жакшылап угуп тур. Мен оорулуу кишимин, болгондо да жугуштуу… Сен миң гүлүңдүн бирин жаңы ачкан жаш баласың. Сени аяймын, болбосо сени ини кылып алганга… Сөзүнүн аягына чыга электе жаңкы короодо жүргөн орус кемпир эки чыны чай апкелип алдыбызга койду. Алыкул байкем аягына чыга албай калган сөзүн кайра улады. – Ошентип, иним, жалгыз жашаймын. Мага ушул кемпир гана кир-когумду жууп, тамакашымды даярдап жардам берет. Эрте-кеч караан тутканым ушул байбиче. Иним, келечегиң алдыда же акын болорсуң же жумушчу болоорсуң же башка кесиптин ээси… Айтор, жакшы окуп, жакшы жүрсөң, өнөрлүү адам жерде калбайт, — деп стол тарткычынан бир чакан китебин алып колтамгасы эле мага сунду.

Сыртын окусам «Менин жерим — ырдын жери» деген өзүнүн жыйнагы экен. Рахмат байке деп ичимден кымылдадым. Жөнөөрүмдө тамынын далисинин бурчунан гезитке ороолгон бир нерсени колума карматып жатып: — Бул менин өтүгүм, бир, эки жолу кийгем. Бул өтүктү чоң, кичинесине карабай кийип жүр, азыр өтүк мода эмеспи, — деп мээримдүү карап жолума салды.

## Же акын же жумушчу болосуң

Жолдо келатып “мага китеби менен өтүгүн бергенден көрө ырларымды окуттуруп жакшы, жаман жактарын сындап кеңешин берсе болбойбу. Же акын, же жумушчу болоорсуң дейт. Эмне менин талантым бардыгына ишенбейби? Эмнеси болсо да менин акын болоорума көзү жетпейт го” деп жол бою бушайман болуудамын. Ал кезде мен шаардагы №5 кыргыз орто мектебинде окуп, интернатында жатчумун. Кийим бекер, тамак бекер, мында окуп жаткан балдарга бир гана жакшы билим алуу керек эле. Алыкул байкем берген китеп менен өтүктү балдарга көрсөтсөм:

— Барбалаңдап мактанба, Алыкул агай китебин өзү берсе, сага арнап колтамгасын кошо бермек, өтүгүн берсе бутуңа кийгизип көрүп, чоң, кичинесин байкап туруп бермек. Экөөнү тең сатып алып, атактуу акын берди деп мактанып жатасың да, — дешип күйбөгөн жеримди күл кылышты. Өтүк бутума кенен келгендиктен бир топ жолдошторум менен көк базарга алпарып сатып жибердик. Чын эле ал кезде өтүк мода экен, «каны» жерге тамбай каалаган баабызга өтүп кетти. Китебин болсо ар кимибиз бир окуп жүрүп жыртып, эскирттик окшойт. Кийин жоготуп жибердим. Акыл-эс жетиле элек чакта Алыкул акындын да, анын берген китеп, өтүгүнүн да кадыр-баркын билбептирмин. Кадырын билсем, анда азыркы кездегидей мээм болсо, Алыкул байкемдин ошондо эле улуу акын экенин сезсем эмгиче сактап жүрүп, өтүгү менен китебин өзүнүн музейине өткөрбөйт белем. Чиркин дүйнө… ал акындын эрте өлөрүн ким билсин. Эми мен алтымышка жакындап ак баш болгондо эсиме келип, өткөнгө өкүнүп жатпаймынбы. Ошентип, мен улуу акынды убагында түшүнбөй, эртерээк көрүп, кечирээк түшүндүм.

Памирбек Казыбаевдин «Мезгил жана Алыкул» аттуу китебинен кыскартылып алынды.

### Сага айткан сөз

*Жыргалдын арт жагында куурал бар,*
*Кууралдын арт жагында жыргалы бар.*
*Карды ачса кай бирөөлөр ток болбойм деп,*
*Жашоодон үмүт үзгөн урганы бар.*
*Ток болсо, токмун дайым, жок болбойм деп,*
*Керсейип кесир сүйлөп турганы бар.*
*Күлкүнүн арт жагында күйүтү бар,*
*Күйүттүн арт жагында күлүшү бар.*
*Ээрчишип жүрө берет кезектешип,*
*Мезгилдин күнү менен түнү сымал.*
*Барда бай, жокто бардай жашай билип,*
*Заманга салым кошуп, үлүшүң ал.*
*Турмушка туткун болсоң чабалдыгың,*
*Көрө бил жакшылыгын, жамандыгын.*
*Адамга кылча болбой арамдыгың,*
*Заманга тоодой болсун адалдыгың.*
*Дүйнөдө тири өлүктөй жүрө берсең,*
*Сөз эмес адамдыгын, амандыгың.*

(Б.Сарногоев)

*- Улутчул дешет билбеген,*
*Улутун кимдер сүйбөгөн.*
*Кызыл эт кезден төрөлтүп,*
*Кыялым көккө күүлөгөн.*
*Кыргыз деп келгем дүйнөгө,*
*Кыргыз деп өтөм дүйнөдөн.*

*Толкундап бийик үн менен,*
*Топтошуп алып сүйлөгөн.*
*Токсон миң тоскоол болсо да,*
*Топончо көрбөй үйлөгөн.*
*Достук деп келгем дүйнөгө,*
*Достук деп өтөм дүйнөдөн.*

(Б.Сарногоев)

# Байгеге марыган Сары-Өзөн

Көк бөрү федерациясы уюштурган "Нооруз" турнири мыкты өттү. Күндүн суугуна карабай келген күйөрмандар, жердин ылайына карабай кызык оюн көргөзгөн командалар оюндун шаңына-шаң кошуп жатышты. Уюштуруу иштери, командалардын даярдыгы, тейлөө кызматтарынын жолго коюлушу улуттук оюнубуздун уюткусу болгон көк бөрүнүн жылдан-жылга өнүгүп баратканынан кабар берет

## 18-март. Чейрек финал

Бул күнкү эң алгачкы оюн "Бөрүлү" жана "Ак-Суу" командаларынын ортосунда өтүп, 2:1 эсебинде "Бөрүлүнүн" пайдасына чечилди. "Бөрүлүнүн" оюнчусу Амантур Эсенкул уулу удаасы менен атаандашынын тайказына улак салганга жетишсе, ушул эле командынын өкүлү Дүйшөнбеков Адилет ортодо Байкашка аттуу буудны менен жакшы оюн көргөздү.

Кийинки оюн "Достук" жана "Арашан" командаларынын ортосунда жүрдү. Оюнда көпчүлүк атактуу "Достук" командасынын жеңээрине ишенип турду. Бирок убагында ушул эле "Достук" менен "Кабыланда" оюн көргөзүп, учурда "Арашанды" намысын коргоп жаткан атактуу улакчы Жышан Алсейитов дээрлик бир тайм бою "Достуктун" оюнчуларына упай берген жок. Жаш команда үчүн бул жакшы көрсөткүч болду десек болот. Кийинки 2-таймдан тарта "Достук" чабуулун күчөтүп, кезеги менен "Арашандын" тайказанына улак сала баштады. Негедир бул оюнда "Арашандан" Жышан Алсейитов менен өнөгү Мирлан Алсейитов экөө гана оюн көргөзүп жаткандай элес калтырды. Ошентип таймаш 5:0 эсебинде "Достук" командасынын пайдасына чечилди.

Үчүнчү оюн "Сары-Өзөн" жана "Талас жаштары" командаларынын ортосунда жүрдү. Негизинен бул күнкү меллештерде жердин ылайынан улактын салмагы оорлоп, жерден алуу бир топ кыйынчылык жаратты. Анткени менен алгачкы мүнөттөрдө "Сары-Өзөн" удаасы менен 2 улак таштоого үлгүрдү. Андан кийин "Талас жаштары" жигердүү коргонууга өтүп, атактуу "Сары-Өзөндүн" оюнчуларына улак салууга бир да мүмкүнчүлүк беришкен жок. Ошондой эле бул оюндан "Талас жаштары" командасынын аргымактарынын мыктылыгын байкоого мүмкүн болду. "Сары-Өзөндөгү" атактуу Байтур, Лексус сыяктуу бир катар мыкты аттарга "Талас жаштарынын" Көк бет, Вандам, Эрке тору аттуу аргымактары татыктуу тирүштүк берип жатты. Ошентип оюн 2:0 эсебинде "Сары-Өзөндүн" жеңиши менен аяктады.

Чейрек финалдагы акыркы оюн "Талас" жана "МВД" командаларынын ортосунда жүрдү. Бул оюнда "Талас" мыктылыгын көргөзүп, "МВДнын" тайказанына дээрлик 6 улак салуу менен жарым финалга жолдомо алды.

## 19-март, жарым финал. Күндүн жылдызы Манас Ниязов

Бул күнкү оюнду күйөрмандар адаттан тыш сабырсыздык менен күтүштү десек болот. Анткени дээрлик бири-биринен кем калышпаган "Достук" жана "Талас" командаларынын мелдеши баарынын күткөн оюну болчу. Ошентип жардана келген көпчүлүк "Достук" менен "Талас" командаларынын оюнун күтүп жатышты.

Оюнга алгачкылардан болуп "Бөрүлү" жана "Сары-Өзөн" командалары кириште. Көпчүлүк бул таймашта "Сары-Өзөндүн" жеңээринен күмөн санаган жок. Ошентип алгачкы мүнөттөн тарта активдүүлүгүн көргөзгөн "Сары-Өзөн" 5:2 эсебинде атаандашын жеңүү менен финалга жолдомо алды. Ал эми "Бөрүлү" командасы финалда 3-4-орун үчүн ат салышмак болду.

Ошону менен көптөн күткөн "Достук" менен "Талас" оюну старт алды. Мелдеш алгачкы мүнөттөн тарта курч мүнөздө өттү десек болот. Эки команда тең жан үрөп ойноп жатты. Акыры "Достуктун" атактуу оюнчусу Манас Ниязов "Таластын" тайказанына биринчи улакты таштоо менен эсепти ачты. Бул учур "Достуктун" күйөрмандарынын эсинен көпкө кетпей калды көрүнөт. Экинчи таймда "Талас" командасы тайказанына бир канча жолу коркунуч туудурган "Достуктун" оюнчуларын тосуп калышты. Анткени менен оюндун тагдырын чече турган акыркы таймда кайрадан эле атактуу Манас Ниязов 2-улакты "Таластын" тайгазанына салууга үлгүрдү. Бул ат майданындагы "Достуктун" күйөрмандарын зор кубанычка бөлөп турду. Шаңданган күйөрмандар "Манас" деп жер жарылта кыйкырып, сүйүктүү оюнчусун сүрөп жатты. Ошентип оюн 2:0 эсебинде "Достуктун" жеңиши менен аяктады.



Финал: "Достук" менен "Сары-Өзөн" командалары

## 21-март. Финалдык беттеш

Күйөрмандар чыдамсыздык менен күткөн күн да келди. 3-4-орун үчүн мелдешке "Талас" жана "Бөрүлү" командалары ат салышып, 1-таймда "Бөрүлү" командасы мыкты каршылык көрсөтүү менен "Таластын" оюнчуларына мүмкүнчүлүк берген жок. 2-таймдан тарта тараза ташы "Таластын" пайдасына оой баштады. Ошентип оюн 9:0 эсебинде Талас командасынын таза жеңиши менен аяктады.

## "Сары-Өзөн"-"Достук" оюну

Баарыбыз күткөн чечүүчү оюндун кезеги келди. "Достук" командасы "Таласты" жеңген соң бул командага үмүт арткандар көбөйдү. Ал эми "Сары-Өзөндүн" оюнчулары татыктуу атаандаш менен ойноого камданып жатты. Мелдеш башталып, калыстын ышкырыгы жаңырар замат "Достуктун" оюнчулары жигердүү чабуул жасай баштады. Оюндун алгачкы мүнөттөрүндө "Достуктун" белгилүү жана сүймөнчүк оюнчусу Манас Ниязов "Сары-Өзөндүн" тайказанына удаасы менен эки улак салганга үлгүрдү. Ал ортодо "Достуктун" дагы бир оюнчусу Баку Таалайбек уулу үчүнчү улакты ыргытты. Атандаштарынын удаама-удаа чабуулунан шаштысы кеткен "Сары-Өзөндүн" оюнчулары эсепти теңөө үчүн баштагыдан катуу дымак менен оюнга кирип жатты. Ошентип биринен-бири өткөн ат салышуунун натыйжасында 1-тайм 3:2 эсебинде "Достуктун" жеңиши менен бүттү.


2-таймда "Сары-Өзөн" командасы оюнга катуу намыстанып кирип, үстөккө-босток чабуул коюп атып, тез эле озуп чыкты. Ал эми "Достук" командасынан бул күнү Манас Ниязовдон башкасы жакшы атаандаштык көргөзө алган жок. Команда болгон кубатын "Талас" менен беттешкенде түгөтүп салса керек. Анан калса бул күнү "Достуктун" аргымактары жекеме-жекеде да Сары-Өзөндүн буудандарына алдырып коюп жатты. Ошентип 2-таймда 7:4 эсебинде "Сары-Өзөн" озуп чыкты.

Бул арада комментатор төмөнкүдөй билдирүү жасады. "2015-жылы сентябрь айында Чолпон-Атада өткөн Асанбек Көлбаевдин турниринде 1-орунга убада кылынган BMW X5 автоунаасы соңку мүнөттөрдөгү чырдан улам берилбей калган. Эми ал Нооруз турниринде биринчиликти алган команданын байгесине кошулуп берилмек болду". Мындай билдирүүдөн соң чечүүчү тайм да башталды. Акыркы тайм өтө кызыктуу өтүп жатты. "Достуктун" күйөрмандары дале болсо сүйүктүү командасынан үмүтүн үзгөн жок. Бирок канчалык сүрөөнгө алышпасын 11:5 эсебинде "Сары-Өзөнгө" жеңилип калды. Ошентип Нооруз турниринин жеңүүчүсү деген наамга "Сары-Өзөн" командасы татыктуу болду. Көк бөрү федерациясы жалпы 8 командага байге берди. Алгачкы 4 орунду ээлеген командага төмөндөгүдөй байгелер ыйгарылды:

**1-орун:** Сары-Өзөн 300 миң сом + BMW X5 унаасы
**2-орун:** Достук 250 миң сом
**3-орун:** Талас 150 миң сом
**3-орун:** Бөрүлү 70 миң сом
**Мыкты улакчылар:** Манас Ниязов, Жоки Орозбаев
**Мыкты буудан:** Туман аттуу аргымак.

Улуу-кичүүнүн баарына жаккан көк бөрү оюнун көрүү үчүн ат майданына алыс-жакындан талуудан тай калбай келди.

РАХАТ АКМАТОВА



"Достуктун" оюнчусу Манас Ниязов турнирдин мыкты улакчысы деп табылды

# ЗАГСтарда аялдын нике кыйганы туурабы?



Атактуу аалым Чубак ажы Жалиловго суроолоруңуздарды **SMS** же **Whatsapp** аркылуу **0773-61-54-87** номуруна жибериңиздер!

***Эскертүү: аталган номур Чубак ажыныкы эмес***

**1) Улак, козу бычуу күнөө эмеспи?**

**Жооп:** Муктаждыкка жараша боло бере турган жумуш. Ал эмес курмандыкка мына ошол бычмалдын эти жакшыраак болот деп айтылат. Ал эми адамды бычуу, же адамдар өздөрүн бычтыруусу арам деп эсептелет. Азыркы учурда педофилдерди бычтырып салууну сунуштагандар бар. Кайсы бир деңгээлде "шарьий таьзиир" катары кабылдоого да мүмкүн. Бирок, аларды "таш бараңга алып өлтүрүү" адилеттүүрөөк болот эле. Президентибиз да ушуну каалап, ачык эле жарыя кылганын баарыбыз көрдүк. Айта кете турган маселе, "таш бараңга алуу" же өлүм жазасын ыйгаруу атайын ыйгарым укуктуу адамдар тарабынан аткарылат. Ар ким эле өз бетинче аткара бербейт.

**2) Биздин мамлекеттик ЗАГСтарда никени аял киши кыйып келет. Бул шариатка туура келеби? Негизи аял киши нике кыйса болобу?**

**Жооп:** Деги ошол ЗАГСта кыйылган никелер "шарьий нике" эсептелеби же жокпу деген маселе олуттуу суроону жаратат. Никенин шарттарына эмнелер кирет деген суроого жооп берүү маселени тереңирээк ачып берет деген үмүттөмүн. Никенин шарттары өз алдынча экиге бөлүнөт. 1) никенин байлануусунун 3 шарты бар. 2) никенин дурус болуусунун 2 шарты бар. Катары менен баяндай кетели:

1–1) Никедеги "кабыл кылуу" жана "туттуунун" бир мажлисте болуусу.

1–2) Никедеги эки тараптын ар бири экинчисинин сөзүн угуусу жана анын маанисин түшүнүүсү.

1–3) Никедеги "кабыл кылуу" жана "туттуу" бири-бирине каршы абалда болбой, үндөшүп турууга тийиш.

2–1) Никеге туруучу аялзаты шариат тарабынан алып караганда, нике кыйылуучу эркекке махрам болбоосу, б.а. никеге турууга шариаттуу болууга тийиш.

2–2) Күбөлөрдүн эсебинин толук болуусу.

**3) Ар бир жамгырды, карды периште алып түшөт деген чынбы?**

**Жооп:** Бул туурасында Пайгамбарыбыз алайхис салам айтты деген "марфууь" хадисти биле албайбыз. Тафсир китептерде "санаты" жок таризде "ар бир тамчы жамгыр менен бир периште түшөт" деп Ибн Аббас риваят кылганы айтылат. Бирок мунун баары Ибн Аббастын сөзү катары гана белгилүү. Имам Багавий өзүнүн тафсиринде мындай дейт: "Асмандан түшкөн ар бир тамчы менен бирге периште түшүп, Кудай Таалам кайсы жерге түшүүсүн кааласа, ошол жерге жеткирет деп айтылат". Көрүнүп тургандай, "айтылат" деп баса белгилебей коомайланып айтып жатат. Мунун өзү риваяттын "заьиф" экенине далаалат кылат. Валлоохү Аьламу.

**4) Уялчаактыктын дубасы барбы, устаз?**

*Нази*

**Жооп:** Уялчаактык жакшы сапат, берекем! Пайгамбарыбыз алайхис салам көшөгөдөгү кыздан дагы уялчаак болгон. Бирок, бул нерсе илимден, акыйкатты айтуудан тоспош керек.

**5) Акыркы убакта эмнеге жин киргендер көп болуп жатат?**

**Жооп:** Кудайдын ираада каалоосу менен болот. Адамдардын жашоосундагы сүннөттөрдүн аз экендигине такалат.

**6) Бир күндүк ачытылбаган бозону ичсе болобу?**

**Жооп:** Мас кылуучунун бардыгы арам. Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Ар бир мас кылуучу арам!".

**7) Иегова динине кирген адамды, мусулман мүрзөсүнө койсо болобу?**

**Жооп:** Жок, ал адам муртад болгондуктан аны мусулмандардын кабырыстанына көмүүгө болбойт. Анткени ага боло турган азаптардан мусулман коңшулары да жапа чегет. Адамдын кабырдагы коңшулары да жакшы болуусу жакшы касиет.

**8) Төрөлөр деген кимдер? Биз аларды башка аксакалдарга караганда өзгөчө сыйлап, дубасын алабыз.**

**Жооп:** Пайгамбар заадалар, пайгамбар тукумдары дегендер. Мусулманчылык жолунда бекем жүрүшсө, динди бекем кармашып, такыбалыкты туу тутунушса алардан жакшы киши жок. Андай эмес болсо, алардан жаман киши жок.

**9) Сапарда, унаанын ичинде намаз окуса болобу?**

**Жооп:** Сыртта баткак, көз ачыргыс жаан же бороон болсо, унаанын ичинде окуса болот. Ошондой эле унаа токтобосо, же аргасыздан болгон учурларда унаанын ичинде окууга уруксат. Колдон келишинче унаанын сыртында окуган эң жакшы.

**10) Атым Гүлназ. Жаратуучубузга жаккан атты айтып, атымды өзгөртүп бериңизчи?**

**Жооп:** Гүлназ дагы жакшы ат. Гүлдөй назик жана сулуу болуп, көргөн адамдын баары сенин назиктигиңди көрүп, Кудай Тааламды эстеп турсун деген улуу маани жатат. Менин баамымда атыңды өзгөртүүнүн кажети жок.

**11) Сиз жаңы муфтий болгонуңузда сизди гыйбат кылган элем. Сизди гыйбат кылгандардын баарын жана мени да кечирип коюңузчу?**

**Жооп:** Кечирдим. Ким мени гыйбат кылган болсо, ушактаган болсо кечирдим. Кылган ишинин жамандыгына "аттиң!" деп өкүнүп кечирим сурагандардын санынын көбөйүүсү, элибиздеги ыймандын жемиштүү болуп жатканынан кабар берет.

Мен да кимдир бирөөнү капа кылып койгон болсом кечирим сурайм. Пайгамбарыбыз алайхис салам айтат: "Кечиргиле, кечиргендерди Кудай Таалам кечирет, ырайым мээримине алат".

**12) Жолдошум бир аял менен жашыруун нике кыйдырып, Москвага кеткенине 9 ай болду. Кээде гана чалып турат, бирок талак бере элек. 6 ай жок болуп кетсе, телефондо да урушуп турсак, талак сакталбайбы?**

**Жооп:** 6 ай жок болуп кетсе эле талак түшүп калат деген пикир туура эмес. Жаман катын эр коруйт, жаман эркек жер коруйт болбоңуз. Менин таң калганым, ал жашыруун нике кыйса сиз кайдан билип алдыңыз. Сиз билип алсаңыз ал нике кайдан жашыруун болот? Айтарым, аны менен урушпаңыз, мамилени сактаңыз. Жылуу сөз жыланды ийининен чыгарат имиш. Адам сыйдын кулу.

**13) Ооруп калганымда бир эже чөп дарылар менен дарылаган болчу. Бирок кайра оорум күчөп кетти. Ал аялды сотко бергеним туурабы?**

**Жооп:** Ооба, аны сотко берсең болот. Ага кошуп өзүңдү да сотко берүү керек. Анын документтерин текшерип, ишеничтүү адамдардан сурап дарылануу керек. Ден-соолукка кайдыгерлик менен карагандыгыңыз үчүн Кудай алдында жооп бересиз.

Адамдарды дарылайм деген жалганчыларга чара көрүлүүсү кажет. Сот жообуна тартылганда баарыбыз үчүн жакшы болот. Айта кете турган акыйкат сөз: кээде ишеничтүү дарыгерге барсаңыз деле жакшы болбой, ооруңуз күчөп кетиши толук мүмкүн. Анткени шыпаа Алла Тааланын колунда. Ал эми дарыгерлер себепчилер гана. Биздин мойнубуздагы милдет, татыктуу дарыгерлерди таап дарылануу.

**14) Телефонумда куран, салаваттар бар. Даааратсыз эле кармап окуй берсем болобу? Өчүк абалында даараткана кирсем кандай болот?**

**Жооп:** Салаваттарды даааратсыз кармасаңыз боло берет. Ал эми Куранды даарат менен кармаганыңыз ийги. Өчүк абалында даараткана кирсеңиз боло берет.

**15) Жубайым менен ажырашканыма 5 жыл болгон. 1 ай мурун ал турмушка чыгыптыр. Талагын берген эмес болчумун. Кантем эми?**

**Жооп:** Анын күнөөсүнө шериксиз. Эми бир талак бериңиз, ал да иддасын эсептеп, никесин жаңылап алар.

**16) Малдарыбызды уурдатып жибердик. Шариат жолу менен кантип тапсак болот?**

**Жооп:** Адал болсо табылат. Милицияга бериңиз. Көзү ачыктардан сураган болбойт. Дубада болуңуз...

**17) Жолдошу аялы менен таарынышып 7 ай кабар албай койсо, талак түшкөн болобу?**

**Жооп:** Жок.

**18) Мен кыз баламын. Учурда Америкада шартка байланыштуу иштеп жүрөм. Жанымда жакындарым жок. Кыз бала алыста жүрсө болбойт экен. Ошондо мен күнөөгө баттымбы?**

**Жооп:** Кыз баланын беймахрам алыста жүргөнү туура эмес. Күнөөгө батат. Ылайыгы болсо ошол жактан мусулман жигиттерине турмушка чыксаң жакшы болот. Кудайым бактылуулардан кылган болсун!.

**19) Жолдошум менен жашаганыма 6 жыл болду. 6 жылдан бери кайним биз менен жашайт. Ал аз келгенсип 2 кайын сиңдим бар. Алар да биз менен бир бөлмөдө жатышат. Иштеген жеримде да кайын журт, үйүмдө да кайын журт. Бөлүнүп жашайлы десем, туугандарды бөлбө дейт. Эмне кылуум керек? Балалуу да боло элекпиз.**

**Жооп:** Ошентип тыгылып жашай берсеңер жүз жылда да балалуу болбойсуңар. Баланын пайда болуусуна да кээ бир шарттар керек. Силердин бул таризде жашооңор болбойт. Өзүнчө бөлмөгө чыгып жашасаңар, туугандарды бөлгөн болуп эсептелбейт. Ар бир аял өзүнчө дааратканасы, ашканасы жана жатак бөлмөсү бар жайда жашоого укугу бар. Аны эркек камсыздоого милдеттүү. Кокустан "жеңенин бир саны кайниники" болуп кетсе, маселенин баары тескери кетет. Кудайым сактаган болсун.

**20) Бир баланы жакшы көрөм, ал да мени жакшы көрөт. Бирок чоң аталарыбыз бир атадан, бир энеден экен. Үйлөнсөк болобу?**

**Жооп:** Боло берет.

**21) Өлгөн жерден тамак жегенибиз канчалык күнөө? Жебей койгонубуз кээде ыңгайсыздык жаратып жатат.**

**Жооп:** Мусулманчылык акырындык менен болот. Андай жерлерде тамак жеген "макрух тахриимий" даражасында күнөө болот.

**22) Даарат алгандан кийин бетке боёк коюп намаз окуса болобу?**

**Жооп:** Намазга жарай берет. Көчөгө боёнуп чыгуу мусулман аялзатынын адебине туура келбейт.

**23) Мас абалымда телефондо аялыма 3 талак деп айтып алган элем. Эч кандай талак оюмда жок болчу. Жарашуу жолу барбы? Эки балабыз бар. Бирок кийин мен башка аялга үйлөндүм, анын боюнда болуп мекенибизге жөнөттүм. Бирок экинчи жубайымдын жеэси мага "эми ал сени менен жашабайт" деген сөзүн айтты. Экинчи аялымдын талагын берген эмес болчумун. Ушул эки маселени чечип бериңизчи?**

**Жооп:** Сен ушинтип алып кетире берсең сага аял түтөбү, кокуй! Кандай болгон күндө да бул сыяктуу маселелер гезит бетинде чечилбейт. Өзүң жана аялың чогуу келип жолуксаң, туура же туурага жакыныраак жооп чыгат. Анткени кээ бир нерселерди экөөңөрдөн чогуу сураганга туура келет.

**24) Москвада "ашпоз" болуп иштейм. Жумушка байланыштуу кээде камандын этин даамдап көргөнгө туура келет. Эч нерсе болбойбу?**

**Жооп:** Болбойт. Арам. Мисалы кимдир бирөөгө тезек бышырсаң, ошону да даамдап көрөсүңбү? Ободо салыштыруу болсо кечирип коёрсуң, бирок ушул мисал туура эле келет. Жок, берекем, бул каман. Ал камандын этин жеген болбойт аман. Арам тамак жегендин дубасы берекесиз саман. Ал каман, анын этин жеген кесепеттүү жаман.

# Слам Крам быходи

Кумурзстан Кумурзстан болгону, Кумурзстан атка конгону мындай окуя болгон эмес. Капкайдагы ата-жотосу жок серттер сес көрсөтүп, Кумурзстанга эки коңуз, төрт эшек куртун минип келип туруп алышты. Суроо берсең унчукпайт, сүйлөсөң укпайт. Демек белгилүү. Баягы чалдын алжыма оорусу кайра кармаган экен. Себеби, булардын уяхалы Слам Крам жаман карыды. Каарыйын десе катын түтпөйт, кемирейин десе келини жок. Урушайын десе серттин баары бутун кучактап отурат. Айласы жок буф-буф этип таноосунан түтүн чыгарып, буту менен жер челип, Кумурзстанды карай тап коёт. Аны көргөн серттер желден мурун желпинип келип Кумурзстанга чокчоюп туруп калганы ушул.

А Кумурзстандыктар адатынча удургуп эле уяханын таппай калды. Ак уяны караса анда жок, көк уяны караса мында жок. Күнүгө дүңкүлдөгөн кара коңуздарын минип, жоролорун ээрчитип жолдун баарын жаптырып коюп ары-бери өтчү эле, эми жөө басып калганбы, жолдо да көрүнбөйт. Адатынча Орсуяга кеткенби, Путиодго жеткенби десең ал жактан да үн чыкпайт. Слам Крамга кеткенби, иштин баарын чечкенби десең, ал жактан да дайын жок. Аңгыча тиги эл аралык ийнелик учкан жайдын баарын катуу көзөмөлгө алып атышат деген кабар келди. «Бу Кумурзстандын уяхандары чуу көрсө эле уча каччу эле. Ошону качырбайлы деп текшерип атышкан го» деп кобурап жүргөндөр да бар. Бирок, Шаша ал жактан деле кармала элек.

Дагы жакшы сакадай бою сары алтын Темр Сар барды Аксуяга чың-чың этип чыңылдап. Бирок, баягыдай дымак жок. Жолдун баарын тостуруп, элдин баарын коштуруп ары-бери чапкылап жүрчү кургур эми келгенинен кеткени бат болуп калыптыр. Чек арада ту

руп алып «Слам Крам быходи» деп кечке кыйкырганбы, үнү да бүтүп калыптыр. А Слам Крам эмне, муну тоготмок беле? Бир аз унчукпай турса Кумурзстандыктар өздөрүн-өздөрү жайлап койчудай. Тигине араң турган Битказар дароо эле аф-аф-аф деп чыкты. Мунусун ким кандай түшүндү белгисиз, бирок Темр Сар «мага да Ак уядан орун бергиле» дегенин аябай сонун түшүндү. Түшүндү да тигинден өтүп аф-аф-аф деп таштады эле, Битказардын жаагы жап болду. Булар өз ара ушунтип сүйлөшүп, ушунтип түшүнүп калышкан. Ошон үчүн эч бир маселе чечилбей жатса керек.



Айтмакчы, жаңы эле бир топ чымынчиркейин Сируяга киргизип ийип, кайра араң алып чыккан Путиод «ансыз да башым ооруп атат. Нары ойногулачы» дедиби, айтор, эзелтен бери шеринелешим, бир боорум деп далысын таптап жүрчү Кумурзстандын бул маселесине бир кабагын эле бүркөмүш болуп койду. Бул жакта Битказарынан баштап, Шашасына чейин «Путиод акам өзү билет» деп сөөк сураган биттей үмүттүү карап турушту эле, эми бир эле кабактын бүркөлгөнүн көрүп, кулактарын шелпейтип отуруп калды.

ЧЫНДЫК АЙТПАСОВ

**(Бардык окуялар жана каармандар ойдон чыгарылды)**

# Мастандын энесин издегени

***(Уландысы)***

Бир бадалдан чалынып-чулунуп чыга бергенде баягы үй менен баягы кемпир алдынан дагы тосуп чыкты. Мастан жанагы эле турушунда бөйрөгүн таянып турат. Жүзүнөн болсо билинээр-билинбес кекээр жылмаюу көрүнөт. Бала кайра артка чуркады. Эми түз чуркабай ойкуп-кайкып чуркады. Бирок, дагы болбоду. Кемпир аны кепесинин оозунда кебелбей отуруп тосуп алды.

Кыскасы бала жүз жолу качты окшойт. Бирок баары бир айланып отуруп кайра эле кепеге келе берди. Мастан кемпир аны кубалап, же коркутуп да убара болгон жок. Ал унчукпай гана мисирейип тура берди.

Аягында бул чымылдап чуркай берген немеден тажадыбы, бир секирип жанына келди да желкеден апчый кармап сүйрөп жөнөдү. Баланын чырылдап-чыркыраганын да караган жок. Үйүнүн төркү жагында караңгы бөлмө бар экен. Ошонун эшигин ачып туруп ичине ыргытып салып, кайра жаап бекитип койду.

Ошондон баштап кемпирди санаа басты. Түнү менен уктаган жок. «Адамдар мурдагыдай эмес. Токойду түрө кыдырып издешсе мени бат эле табышат. Асманга да уча албайсың. Ал жакта да адамдар чимириктей чимирилген канаты бар үйү менен учуп жүрүшөт. Деги эч кайда кача албайсың. Кайда барсаң адамдар, кайда барсаң адамдар» деп наразылана сүйлөнүп жатты. Бир маалда «энеке-е» деп боздоп ыйлады ал. «Энеке-е, мени алып кетчи-и» деп буркурап ыйлады.

Ушул убакта наркы бөлмөдөгү бала да ыйлап отурду. Бирок, ал берки кемпирче нары-бери дүңкүлдөп баспай, бир бурчта гана тыгылып отурду. Керек болсо ыйлаганда да үнүн чыгарбай ыйлады. Көзгө сайса көрүнгүс караңгы бөлмөдө бүрүшүп отуруп, акыры уктап да кетти.

Ошону менен бечара канча уктаганы белгисиз, бир маалда көзүн ачса оозгу бөлмөдөн кобур-собур үн чыгып атыптыр. Үйдүн ар кайсы жеринен күндүн нуру түшүп, бөлмөнүн ичи жарык боло түшкөн экен. Бул жерде эркелеп бышактай турган энеси, же атасы жок экенин кечөө эле сезген неме үн чыгарбай акырын жылып келип тактай эшиктен сырттагы сүйлөшүп жаткандарды тыңшай баштады.

– Кайдагы жоголгон энеңди эстеп сен дагы кызык экенсиң, – деп кимдир бирөө колдурап сүйлөп жатты.

– Кайдагы эмес. Мен даана тааныдым. Мына ишенбесең карап көрчү. Мына!

Бала эшиктин тактайларынын арасынан тешик таап шыкаалады. Ой-бай оой! Кадимки эле жомоктогу бою бир карыш, сакалы миң карыш эргежээл абышка экен тиги. Мастан кемпир ага китебин ачып, ичинен бир сүрөттү көргөзүп жатыптыр.

– Мына, бул менин энем. Негизи аны аябай башкача кылып тартып коюшуптур. Бирок, ошентсе да бул даана энем экенине ишенем. Себеби, ал мен бала кезде Каардуу Каргалдын тапшырмасы менен Эр Төштүктүн өгөөсүн алып келгени кеткен. Ошол бойдон келген жок. Мына сүрөттөгү өгөө, мына энемдин жети баштуу желмогузга айланганы. Мына бул болсо Эр Төштүк менен анын акылдуу аты Чалкуйрук.

– Макул, макул дечи. Бирок, ошол өгөө Каргалдын колуна тийгенде, анда бүткүл дүйнөнү караңгылык каптамак. Ал канкор сыйкырдуу өгөөнүн жардамы менен жер бетинде өзүнүн түбөлүк бийлигин орнотоюн деген. Эр Төштүккө бул жагынан алганда миң мертебе ыраазычылык билдириш керек.

– Жок, аның туура. Мен ага эч нерсе дебейм. Бирок, ал баары бир менин энемди кайдадыр бир жакка жоготуп салбадыбы. Ким билет эмне кылганын? Же өлүгүн таппадым, же тирүүсүн таппадым…

– Балким ал…

– Эмне балким? Эмне?

– Эми балким энеңди ал…

– Жок, жок Мытыкый. Ал менин энемди биротоло өлтүрө албайт. Себеби, анын жети жаны бар болчу. Энем кетээрде алты жанын өзү алып, жетинчи жанын Каргал алып калган. Кийин Өлбөс Кошой Каргалды биротоло жеңгенде, энемдин жанын мага берди. Ошол бойдон ал менде турат.

Эргежээл бир саам ойлонуп калды.

– Деги, ушу силерди түшүнбөй коймун. Жети жан, алты жан дейсиң. Энемдин жаны менде дейсиң да, кайра аны таппай жүрөм дейсиң. Эми ал жаны сенде болсо эмне болуптур? Энеңдин сөөгү сөпөт болгондур эмгиче.

– Сөпөт болмоктон балакет болсо да табышым керек.

– Э-эх! Бирок, сен бул токойдун тынчтыгын буздуң. Жалпы кеңешмеде тыюу салынган сыйкырды колдонбошуң керек эле. Эми азыр баары келишет дагы, сени жоопко тартышат.

– Мытыкый, өзүң айтчы. Сенин бала кезиңен бери көрбөй жүргөн энең табылганы турса, кандай кылат элең? Жезтумшук Сулуу келип башымды жулам десе да бул иштен кайра тартпайм.

– Акырын, акырын. Сулуу угуп калбасын. Тигине, тигинде Ак Куу айымын минип баатыр Бака да келип калды. Эми сак кыл. Эптеп бир айласын табалы.

Чын эле босогого мойнун койкоңдотуп бир ак куу учуп келип конду. Анын жонуна кадимки эле бака минип алыптыр.

– Оо, Мастан сени канчадан бери көрө элекмин. Мурдуң мурдагыдан да чуштуят, бир аз картая түшкөнсүң бейм, края-кря-кря, – деп чалкалай калып каткырып алды бака. Ак куу айымы да ага кошулгансып мойнун созуп аңылдады.

– Шумдук эми. Сендей сулуу мырзалар карабай койгон соң бат эле карып кеттик, баатыр Бака, – деп жооп кайтарды мастан. Бул жоопту угуп канжасын соруп отурган Мытыкый эргежээл аз жерден какап кете жаздады. Бака болсо күтүлбөгөн жоопко сөз таппай калган немедей экөөнү мостойо карап алып нары карап отуруп алды. Кыязы, өзүн укмуш сулуу сезгени менен тигилердин минтип какшыктай сүйлөгөнүнө арданып кетет окшойт. Ал жакшы эле ойлонуп алып жооп берейин деп атты эле, аңгыча тоңойдун ичи чаң-тополоң түшүп, кандайдыр ачуу чарылдаган үн каптап кетти.

– Акырынбайбы! Бул кандай немелер! Качан болбосун чуулдашат да турат! Чуулдай турган замандын өткөнү качан. Сыртта жыйырма биринчи кылым! – деп ачуулана кыйкырды эргежээл Мытыкый.

– Мына ушундай карыганын билбеген чурулдактардын айынан тынчтыгыбыз бузулуп, чогулуп отурабыз, – деди бака.

***(Уландысы бар)***

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ



# Режиссура үчүн «Оскар» алган аял

2010-жылы Ирактагы согуш тууралуу салыштырмалуу аз каражатка тартылган «Канкор куту» (The Hurt Locker) көркөм тасмасы алты «Оскар» жеңип алган. Анын экөөсү эң жогору бааланган «Жылдын мыкты тасмасы» жана «Мыкты режиссер» номинациялары болчу. Тасманы согуш абалындагы өлкөнүн чектерине 30 чакырым жетпеген жерде америкалык режиссер Кэтрин Бигелоу айым тарткан.



Ал жылы Лос-Анжелесте өткөн америкалык киноакадемиянын 82-сыйлык тапшыруу аземинде «Аватар» тасмасын тарткан Жеймс Кэмерон менен анын мурунку жубайы Кэтрин Бигелоунун Ирактагы миналарды жок кылган саперлор тууралуу «Канкор кутусу» ат салышкан.

Аламан байгеге тайманбай кирген Кэтрин сулуу Ли Дэниелс, Квентин Тарантино жана Жейсон Рейтман сыяктуу атактуу режисерлордон озуп өткөн. «Канкор куту» тасмасына сыйлык тапшыруунун эң бүйүр кызыткан учуру дал ушул мыкты режиссура үчүн берилген «Оскар» болду. Себеби америкалык киноакадемиянын тарыхында алгач ирет бул номинация аялзатына тапшырылды.

Кетрин чынында эле бул байгеге татыктуу болчу. Анткени тасманын руху алсыз аялзатына эмес, белдүү жигитке жарашып турган. Байгени алып жатып Кэтрин Бигелоу: «Муну сөз менен айтуу оор. Бул акыйкаттын өзү. Мында мени менен чогуу иштеген адамдардын эмгеги зор. Мен бул байгени Ирак жана Афганистанда жанын оозуна тиштеп алып кызмат кылып жүргөн жигиттер менен айымдарга арнайм. Мен алардын баарысы мекенине тирүү кайтып келүүсүн тилейм», – деди.

«Канкор куту» Бигелоу тарткан сегизинчи тасма. Киносынчылар 220 млн. долларга тартылган жана америка тарыхында эң көп адам көргөн «Аватар» экөөнүн «Оскар» үчүн күрөшүн библиядагы Даут пайгамбар менен Голиаф дөөнүн беттешине салыштырышкан.



Ирактын чек арасына жакын Иорданияда тартылган «Канкор куту» тасмасынын бюджети 11 млн. долларды түзүп, кинотеатр кассаларынан араң 16 млн. доллардан ашыгыраак жыйнай алган. Ал АКШнын улуттук прокатында эле өзүн актабай калган. Миналарды зыянсыздандырган саперлордун күнүмдүк жашоосу чагылдырылган бул согуштук тасма сагынычка жана арманга толуп-ташып турат. Бир эле убакта оройлукка да, назиктикке да бай тасма. Мааниси Ирак эмес Америка, согуш эмес тынчтык жөнүндө. Тасма тартылып жаткан кезде кондиционери жок вагончиктерде жашаган Кетрин Бигелоу менен анын жамааты жөнөкөй ыкмаларды колдонуу аркылуу ачуу чындыкты жеткизе алышкан.

Бигелоу буга чейин да аялзатынын табиятына ыкташпаган агрессивдүү, орой согуш тасмалары менен атагы чыккан. Кэтрин айым заманбап дүйнөнүн согуш, кан, мыкаачылык сыяктуу кылмыштарын жаап-жашырбай, көркөм жана чебер суна алган.





## САПТЫК ЖАРНАМАЛАР

Профилдик трубаларды жасайбыз жана сатабыз. Дүң жана чекене баада. ЖЧК "Темир-Про" 0 703 25 50 44. Бишкек ш., Фрунзе заводу (Интергельпо көчөсү)

Тез арада 3 бөлмөлүү батир сатабыз! Аянты 102 чарчы м. Баасы болгону 39 000$ (1 ч.м. = 382$). Базарда мындай баа жок. 0709 799 232

+1С бухучет, секретарь-референт боюнча окууга алабыз. Бөлүп бөлүп төлөсө болот. 0700 200672

Даяр үйлөр. Келишим сом менен. Төлөм 20 айга чейин. Баасы чарчы м.ге 52.000 сом. 0312 896-992, 0 777 390-681

Бишкектен бөлүп төлөө шарты менен 2 бөлмө батир сатып алам. 20 миң доллары нак, калганын келишим боюнча. 0773 05 57 00, 0703 15 08 15

Кожойкелер үчүн миң түрдүү сүлгүлөр: махер, вафель, бет сүртүүчү ж.б. Баасы 200 сомдон башталат (вафел) жана 300 сомдон өйдө (махер) борбордо жеткирүү баасы менен. Борбордон сырткары жеткирүүгө 50-100 сом кошулат. 0 (559) 420 467

Шагыл, кум, таш, топурак ж.б. ташуучу Камаз кызматы. Байланыш телефону 0 707 89 04 34

Кийизден жасалган кийимдерди – саркеч чыптама, белдемчилерди буйүртма менен тигебиз 0 708 10 71 44, 0777 78 35 84

**Газетабызга саптык жарнамаларды кабыл алабыз**
Байланыш телефону: 0 (703) 73 82 31

Улуттук авточехолдор! Бардык түрдөгү жеңил унааларга! Болгону 4500 сом! Whatsapp 0773477055

Сантехникага тиешелүү бардык иштерди жасайбыз. 0 700 84 83 63, 0550 84 83 63

Журналистика бөлүмүндө окуган студенттерди **«Сересеп» гезитине практикага чакырабыз.** Резюмеңиздерди saresep@mail.ru дарегине жиберсеңиздер болот. Тел.: 0 703 73 82 31

ЭВАКУАТОР БИШКЕК. 0772 13 62 33, 0700 71 61 44, 0553 80 22 02. 24 СААТ

**Портер такси. 0700 06 80 11, 0709 19 38 38**

Жарыя жарыя, шашылыш түрдө Токмок шаарынан 2 бөлмөлүү батир сатылат. Баасы 15000 доллар. Байланыш телефону 0 772 185786

Евроремонт жасайбыз. Кафель чаптайбыз, туш кагаз жабыштырабыз, шпатлевка, ички жасалганын бардык түрлөрүн жасайбыз. 0 708 27 15 15

Мазда 626 үлгүсүндөгү автоунаа сатылат. Жылы 1988, кыймылдаткычтын көлөмү 2,0 куб. Баасы келишим түрдө. Телефон: 0702 97 95 57

**Балдар үчүн жаңы жомоктор! Түстүү сүрөттөр менен коштолгон. Бишкек шаарынын жер асты өткөөлдөрүнөн (Филармония, ЦУМ тараптагы), Нуска дүкөнүнөн жана "Дилазык" китеп дүкөнүнөн алсаңар болот!**

